КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ,
ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК
КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ПРИРОДНЫХ
РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И
ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____ Бишкек ш.

№ _____

Стационардык, контейнердик жана көчмө автоунааларга май куюучу станцияларды эксплуатациялоодогу коопсуздук эрежелерин бекитүү жөнүндө

Автоунааларга май куюучу станцияларды эксплуатациялоодо коопсуздукту камсыз кылуу жана авариялык кырдаалдардын тобокелдиктерин азайтуу, Кыргыз Республикасынын “Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Стационардык, контейнердик жана көчмө автоунааларга май куюучу станцияларды эксплуатациялоодогу коопсуздук эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Өнөр жай коопсуздугун жөнгө салуу башкармалыгы:

- бул буйрук катталгандан кийин үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аны расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

- бул буйруктун көчүрмөсүн буйрук расмий жарыяланган күнү жарыялануу булагын көрсөтүү менен кагаз жана электрондук сактагычтарда, мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жиберсин;

- бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде анын көчүрмөсүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары А.Т. Турсуниязовго жүктөлсүн.

Об утверждении Правил безопасности при эксплуатации стационарных, контейнерных и передвижных автозаправочных станций

В целях обеспечения безопасности и снижения рисков аварийных ситуаций при эксплуатации автозаправочных станций, реализации Закона Кыргызской Республики «О промышленной безопасности опасных производственных объектов», в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, **приказываю:**

1. Утвердить Правила безопасности при эксплуатации стационарных, контейнерных и передвижных автозаправочных станций согласно приложению.

2. Управлению регулирования промышленной безопасности:

- в течение трех рабочих дней после регистрации настоящего приказа в соответствии с законодательством Кыргызской Республики принять меры по его официальному опубликованию;

- копию настоящего приказа в день его официального опубликования в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования, направить в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

- копию настоящего приказа, в течение трех рабочих дней со дня его вступления в силу, направить в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра А.Т. Турсуниязова.

Министр **А.Т. Токтобаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КР ЖРЭТКМнин
№ _____, _____2026-ж.
буйругуна тиркеме

Стационардык, контейнердик жана көчмө автоунааларга май куюучу станцияларды эксплуатациялоодогу коопсуздук эрежелери

1-глава. Жалпы жоболор

1. Стационардык, контейнердик жана көчмө автоунааларга май куюучу станцияларды эксплуатациялоодогу коопсуздук эрежелери (мындан ары - Эрежелер) Кыргыз Республикасынын “Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө” Мыйзамына ылайык, автоунааларга май куюучу станцияларды эксплуатациялоодо коопсуздукту камсыз кылуу жана авариялык кырдаалдардын тобокелдиктерин азайтуу максатында иштелип чыккан.

2. Эрежелер автоунааларга май куюучу станцияларды (мындан ары - АМКС) иштетүүгө, анын аймагына, жабдууларына, мунай продуктуларын кабыл алуу, сактоо, берүү жана эсепке алуу тартибине, айлана-чөйрөнү коргоого, өрт коопсуздугуна жана эмгекти коргоого талаптарды белгилейт.

3. Ушул Эрежелердин талаптары суюк мотор күйүүчү майын кабыл алуу, сактоо жана автотранспорт каражаттарынын күйүүчү май куюучу бактарына берүү үчүн арналган стационардык, контейнердик жана көчмө АМКСтерге жайылтылат.

4. Эрежелер суюлтулган же компримирленген (кысылган) жаратылыш газын, суюлтулган көмүр-суутек газдарын кабыл алуу, сактоо жана берүү боюнча иш алып барган АМКСтерге, ошондой эле көрсөтүлгөн продукциялар менен иштөөдө колдонулуучу технологиялык жабдууларды жана процесстерди пайдалануу бөлүгүндө көп майлуу АМКСтерге жайылтылбайт.

5. Эгерде АМКСтердин айрым категорияларына карата ченемдик укуктук актылар менен аларды эксплуатациялоого кошумча талаптар белгиленген болсо, аталган актылардын жоболору ушул Эрежелердин ченемдери менен бирге колдонулат.

2-глава. Жалпы талаптар

6. Ушул Эрежелерде АМКСтердин төмөнкүдөй классификациясы кабыл алынган:

- стационардык АМКС – күйүүчү май сактоочу резервуарлары жер астында жайгашып, технологиялык системасы резервуарлардын жана май куюучу колонкалардын (мындан ары – МКК) бөлөк жайгашуусу менен мүнөздөлгөн АМКС;

- контейнердик АМКС – күйүүчү май сактоочу резервуары жер үстүндө жайгашып, технологиялык системасы МККны күйүүчү май сактоочу контейнерге жайгаштыруу же МККнын жана күйүүчү май

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

сактоочу контейнердин бөлөк жайгашуусу менен мүнөздөлгөн бирдиктүү заводдук буюм катары аткарылган АМКС;

- көчмө АМКС – күйүүчү майды чекене сатууга арналган, автомобилдик шассиге, чиркегичке же жарым чиркегичке орнотулган жана бирдиктүү заводдук буюм катары аткарылган көчмө технологиялык система.

7. АМКСти долбоорлоодо белгиленген тартипте таризделген техникалык-эксплуатациялык документтери жана шайкештик сертификаттары бар күйүүчү майды кабыл алуу, сактоо жана берүү үчүн сериялык түрдө чыгарылуучу технологиялык жабдууларды колдонуу каралышы керек.

8. Бардык АМКСтерде төмөнкү документтер болушу керек:

– келип түшкөн мунай продуктуларын кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары;

– АМКСтин паспорту (1-тиркеме) технологиялык жана электрдик схемалары менен;

– мунай продуктуларын сактоочу резервуарлардын техникалык паспорттору (2-тиркеме);

– АМКСтин технологиялык түтүк линияларынын схемасы;

– резервуарлардын градуирлөө таблицалары;

– МКК үчүн формулярлар жана техникалык документтер;

– келип түшкөн мунай продуктуларын эсепке алуу журналы;

– күйүүчү майдын сапатын текшерүү журналы;

– жабдууларды оңдоону эсепке алуу журналы;

– МККнын ишин эсепке алуу журналы;

– жабдуулардын жерге туташтыруучу түзүлүштөрүн кароо журналы;

– электр энергиясын сарптоону эсепке алуу журналы;

– мүмкүн болгон агып чыгууларды текшерүү журналы;

– кезметти (нөөмөттү) кабыл алуу-өткөрүп берүү китеби;

– мунай продуктуларынын чекене бааларынын прейскуранттары;

– резервуарларды тазалоо, градуирлөө таблицаларды түзүү, резервуарларды диагностикалоо боюнча график;

– резервуарлардын базалык бийиктигин өлчөө протоколдору;

– ченөө каражаттарын мезгил-мезгили менен метрологиялык баалоо графиги;

– жабдууларды техникалык тейлөө жана оңдоо графиги;

– жерге туташтыруучу түзүлүштөрдүн каршылыгын өлчөө протоколдору;

– иштин түрлөрү боюнча коопсуздук жана өрт коопсуздугу боюнча нускамалар;

– от менен байланышкан жана газ коркунучтуу иштерди жүргүзүү боюнча нускамалар;

– тазалоочу курулуштарды пайдалануу боюнча нускамалар;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

– АМКС кызматкерлеринин кызматтык нускамалары.

9. АМКСти өлчөө каражаттары менен жабдуу, аларды тейлөө, эксплуатациялоо жана сактоо тартиби АМКСти өлчөө каражаттары менен жабдуу табелине ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

10. АМКСте анын жарылуу коркунучунун категориясын аныктоо үчүн тротил эквивалентинде туюнтулган энергетикалык деңгээлди баалоо эсептөөлөрү жүргүзүлүүгө тийиш.

11. АМКСте мүмкүн болуучу авариялярды локализациялоо жана жоюу боюнча пландар түзүлүшү керек, анда авариялык кырдаалдарды жоюу жана авариялардын алдын алуу боюнча персоналдын ыкчам аракеттери каралат.

Авариялярды локализациялоо жана жоюу боюнча бекитилген планга ылайык АМКСтер мүмкүн болуучу авариялык кырдаалдарды жоюу үчүн материалдар жана каражаттар менен жабдылат.

12. АМКСтер ченемдик документтердин талаптарына ылайык чагылгандан коргоочу түзүлүштөр менен жабдылат.

13. АМКСтерде кезметчи оператордун аты-жөнү, АМКСтин иштөө режими көрсөтүлгөн тактачалар илиниши керек.

14. АМКСтин үзгүлтүксүз жана кырсыксыз иштеши үчүн технологиялык жабдууларды оң абалда кармоо, ушул Эрежелерди, ченемдик документтерди, мамлекеттик стандарттарды жана нускамаларды так жетекчиликке алуу зарыл.

15. Мунай продуктуларын АМКСке жеткирүү автотранспорт менен ишке ашырылат.

16. АМКСтин сыйымдуулук, технологиялык жабдууларын жана түтүктөрүн оңдоо, монтаждоо жана жөндөө, техникалык күбөлөндүрүү техникалык каражаттарга жана белгиленген тартипте аттестацияланган квалификациялуу адистерге ээ болгон адистештирилген уюмдар тарабынан жүргүзүлүшү керек.

17. АМКСтин жалпы иши, анын ичинде өрт коопсуздугу, өнөр жай жана экологиялык коопсуздугу үчүн АМКСтин жетекчиси (АМКСтин башчысы) жоопкерчилик тартат.

18. АМКСте уюмдун буйругу менен дайындалат:

- жабдуулардын оң абалы жана коопсуз эксплуатацияланышы үчүн жооптуу адам;
- өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адам;
- электр чарбасы үчүн жооптуу адам;
- эмгекти коргоо үчүн жооптуу адам;
- айлана-чөйрөнү коргоо үчүн жооптуу адам;
- нөөмөт үчүн жооптуу адам.

19. АМКСтин жетекчилери жана кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 12-майындагы № 01-7/239 буйругу менен бекитилген “Өнөр жай коопсуздугу жаатында ишканалардын адистерин даярдоо жана аттестациялоо боюнча иштерди уюштуруу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жөнүндөгү жобого” жана “Өнөр жай коопсуздугу жаатында ишканалардын жумушчуларын окутуу жана алардын билимин текшерүүнү уюштуруу жөнүндөгү жобого” ылайык өнөр жай коопсуздугу маселелери боюнча квалификациялык даярдоодон (кайра даярдоодон) жана аттестациядан өтүшөт.

20. АМКСтеги авариялардын жана инциденттерди иликтөө жана эсепке алуу Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 2023-жылдын 7-июлундагы № 177-П буйругу менен бекитилген “Кооптуу өндүрүштүк объекттердеги кырсыктардын жана инциденттердин себептерин техникалык иликтөө жөнүндө жобого” ылайык жүргүзүлөт.

21. АМКСтеги өндүрүштүк жаракат алуу учурлары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы № 64 токтому менен бекитилген “Өндүрүштөгү бөөдө кырсыктарды териштирүү жана эсебин алуу жөнүндө жобого” ылайык иликтөөгө жана эсепке алууга жатат.

22. Ар бир АМКСте жабыр тарткандарга биринчи медициналык жардам көрсөтүү үчүн дары-дармек кутусу болушу керек (9-тиркеме).

23. АМКСтин операторлору типтүү тармактык ченемдерге ылайык сапаттуу атайын кийим, атайын бут кийим, жеке коргонуу каражаттары менен өз убагында камсыз кылынышы керек.

24. Ушул Эрежелердин таасири жайылтылган уюмдардын кызмат адамдары Эрежелердин талаптарын бузгандыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартышат.

25. Кызмат адамдары тарабынан кызматкерлерди коопсуздук эрежелерин бузууга мажбурлаган көрсөтмөлөрдү жана буйруктарды берүү, көзөмөлдөөчү органдар тарабынан токтотулган иштерди өз алдынча кайра баштоо, ошондой эле бул адамдар тарабынан алардын катышуусунда кол алдындагы кызматкерлер жол берген бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрбөгөндүгү, Эрежелердин бузулушу болуп саналат. Бузуулардын мүнөзүнө жана алардын кесепеттерине жараша аталган бардык адамдар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

26. Жумушчулар өз кесиптери боюнча иштерди коопсуз жүргүзүү ыкмалары боюнча нускамаларда баяндалган коопсуздук талаптарын аткарбаган учурда, бузуунун мүнөзүнө жараша мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

27. Ченемдик, конструктордук жана эксплуатациялык документацияда белгиленген ченемдик кызмат мөөнөтүн өтөп бүткөн сыймдуулук жана технологиялык жабдуулар аларды коопсуз эксплуатациялоо мөөнөтүн узартуу же эксплуатациядан чыгаруу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн аккредитацияланган лаборатория тарабынан техникалык диагностикалоодон өткөрүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3-глава. АМКСтин аймагы

28. АМКСтин жайгашкан жери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 4-августундагы № 421 токтому менен бекитилген “Жол кыймылынын эрежелеринин” 1-тиркемесиндеги 7.3 “Автомай куюучу станция” жол белгиси менен белгиленет. АМКСтер турак жай курулуштарына карата ыктоо тарабында жана белгиленген тартипте макулдашылган долбоордук документацияга так ылайык жайгашууга тийиш.

29. АМКСтин аймагына кире бериште төмөнкүлөр орнотулат:

- “Максималдуу ылдамдыкты чектөө” жол белгилери;
- “Мототранспорттун токтоосу 15 м аралыкта” деген белгини орнотуу менен мототранспорт айдоочуларына кыймылдаткычты МККдан 15 м аралыкта өчүрүү жөнүндө эскертүү;
- сатылуучу мунай продуктуларынын ассортименти, тейленүүчү транспорт түрлөрү көрсөтүлгөн маалыматтык такта;
- автотранспорттун кыймылынын схемасы;
- кирүү жана чыгуу белгилери.

30. АМКСтин аймагында автотранспорттун кыймыл схемасын кирүү жана чыгуу үчүн өзүнчө жүрүү жолдору бар бир тараптуу кылып кабыл алуу керек.

31. АМКСтин аймагын бийиктиги 0,2 м кем эмес борттор менен курчоо каралууга тийиш. АМКСтин аймагына кирүүдө жана чыгууда мунай продуктулары менен булганган атмосфералык жаан-чачынды АМКСтин тазалоочу курулуштарына агызуучу бийиктиги кеминде 0,15 м болгон жантайыңкы жол тосмолору же дренаждык лотоктор жасалууга тийиш.

32. АМКСтин аймагындагы жолдун кыймылдуу бөлүгү катуу төшөлмөгө ээ жана оң абалда болушу керек, ошондой эле ар бир МККга, төгүүчү түзүлүштөргө, өрткө каршы суу сактагычтарга, таңгакталган жүктөрдү түшүрүүчү жайларга автотранспорттун эркин киришин камсыз кылышы керек.

33. АМКСтин аймагы мунай продуктулары менен булганган жаан-чачын жана эриген сууларды жолдун кыймылдуу бөлүгүнөн агызуу жана чогултууну, мунай продуктуларын төгүү жана берүү учурундагы төгүлүп калууларды локализациялоону камсыз кылган канализация системасы менен жабдылат.

АМКСтин аймагы мунай камтыган агындыларды чогултуучу резервуардын жайгашкан жерине карай жалпы жантаюуга ээ болушу керек.

34. МККлар +300:350 мм белгиде бетондолгон аянтчаларга орнотулат.

35. АМКСтеги автоцистерналар үчүн аянтча күйүүчү майды коопсуз төгүүнү камсыз кылууга жана авариялык кырдаалдарда анын жайылып агып кетишин алдын алууга тийиш.

Аянтча автоцистернаны толугу менен батырууга, мунай продуктуларынын таасирине туруктуу, катуу жана күйбөгөн төшөлмөгө ээ болушу, автоцистернанын коопсуз кирип-чыгуусу үчүн жантайма

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

пандустар менен жабдылышы керек. Аянтчанын периметри боюнча күйүүчү майдын агып кетүүсүн алдын алуу үчүн бийиктиги кеминде 150 мм болгон борттор (кырлар) орнотулат. Аянтча жаан-чачын сууларын же кокустан төгүлүп кеткен күйүүчү майды, тазалоочу курулмаларга же авариялык резервуарга туташтырылган, кабыл алуучу түзүлүштөргө, лотокторго же чуңкурларга агызуу үчүн жантаюуга ээ болушу керек.

Автоцистерна үчүн аянтча ар биринин көлөмү 100 литрден кем эмес болгон кеминде 2 көчмө өрт өчүргүч менен жабдылууга тийиш.

Аянтча төгүү башталаар алдында автоцистернанын металл жерге туташтыруу чынжырын туташтыруу үчүн стационардык контур жана кыскычтар менен жабдылышы керек.

36. АМКСтин аймагында инженердик тармактарды жайгаштыруу КР КЧ 30-01:2020, СНиП II-89-80 ылайык кабыл алынат.

37. АМКС аймагы сутканын караңгы мезгилинде КР КЧ 23-05:2019 ылайык жарыктандырылышы керек. Май куюучу жана мунай продуктуларды төгүүчү жерлерди жарыктандырууга өзгөчө көңүл бурулушу керек.

38. АМКСтин аянтчаларын кардан өз убагында тазалап туруу керек, ал эми муз тоңгон учурда кирүүчү жолдорго жана аянтчаларга кум себүү зарыл.

39. АМКСтин аймагында мунай продуктуларынын төгүлүп калышынын кесепеттерин жоюуда пайдаланылган материалдарды чогултуучу жайлар бөлүнүп, жабдылууга тийиш, ошондой эле таштанды чогултkучтарды орнотуу үчүн жайлар бөлүнүүгө тийиш.

40. АМКС телефондук жана катуу сүйлөөчү байланыш менен жабдылууга тийиш.

41. АМКСтин аймагын ийне жалбыректуу өсүмдүктөр, ошондой эле гүлдөгөн учурда үлпүлдөктөрдү, булалуу заттарды же түктүү уруктарды бөлүп чыгаруучу бадалдар жана даректар менен жашылдандырууга жол берилбейт.

АМКСтин аймагында куураган чөптөрдү туруктуу чабуу жана чыгаруу, даректардын жана бадалдардын жаш өсүндүлөрүн кыюу, түшкөн жалбыректарды чогултуу жана чыгаруу камсыз кылынууга тийиш.

42. АМКСтен ага тиешеси жок имараттарга, курулуштарга жана башка объекттерге чейинки минималдуу аралыктар КР КЧ 21-02:2018 ылайык кабыл алынат.

43. АМКСтин аймагында долбоордо каралган токтоочу жайлардан тышкары транспорт каражаттарын токтотууга тыюу салынат.

4-глава. АМКСти иштетүү

44. АМКСтин имараттары, курулмалары, технологиялык жана энергетикалык жабдуулары, ошондой эле кошумча түзүлүштөрү жана жабдуулары алар үчүн иштелип чыккан долбоордук жана эксплуатациялык документтерге, ушул Эрежелерге, ошондой эле өнөр жай жана өрт

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

коопсуздугу боюнча башка ченемдик документтерге ылайык эксплуатацияланат.

45. Техникалык текшерүү, монтаждоо же эксплуатациялоо учурунда ченемдик жана эксплуатациялык документтердин талаптарына жооп бербегендиги аныкталган учурда жабдууларды иштетүүгө жол берилбейт.

46. АМКСтин курулмаларын, жабдууларын жана түзүлүштөрүн техникалык тейлөө жана оңдоо уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилген графиктер боюнча белгиленген мөөнөттөрдө жана көлөмдөрдө, ал эми импорттук жабдуулардыкы — даярдоочу фирмалардын талаптарына так ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

47. Ар бир резервуар үчүн белгиленген үлгүдө техникалык паспорт жүргүзүлөт. Паспорттун бардык графалары милдеттүү түрдө толтурулууга тийиш. (2-тиркеме).

48. Көп секциялуу резервуардын ар бир секциясына өзүнчө резервуарга коюлуучу талаптар жайылтылат.

49. Ар бир резервуар типтүү долбоордо жана стандарттарда каралган жабдуулардын толук комплектиси менен жабдылууга жана резервуардын катар номери, базалык бийиктиги (бийиктик трафарети), сакталуучу мунай продуктусунун маркасы көрсөтүлгөн жазууларга ээ болууга тийиш. Бузук резервуарды же жабдуулары бузук резервуарды эксплуатациялоого тыюу салынат.

50. Резервуардын базалык бийиктиги (бийиктик трафарети) жыл сайын жай мезгилинде, ошондой эле резервуарды оңдоодон кийин өлчөнөт, өлчөөнүн жыйынтыгы объекттин жетекчиси бекитүүчү протокол менен таризделет жана градуировкалык таблицаларга тиркелет.

51. Резервуарларды техникалык тейлөө уюмдун жетекчиси бекиткен графиктин негизинде камсыз кылынышы керек. Учурдагы оңдоо 6 айда кеминде 1 жолу, орточо оңдоо 2 жылда кеминде 1 жолу, капиталдык оңдоо зарылчылыгына жараша каралышы керек.

52. Резервуарларды тазалоо ГОСТ 1510-2022 талаптарына ылайык 2 жылда кеминде 1 жолу жүргүзүлүшү керек.

53. Резервуарды тазалоодон жана оңдоодон кийин кабыл алуу акт (3-тиркеме) менен таризделүүгө, ал эми резервуардын паспортуна тазалоо жана оңдоо датасы көрсөтүлгөн белги коюлууга тийиш.

54. Тазалоодон жана оңдоодон кийинки резервуарда агып кетүү, дубалдарында жана түбүндө чөкмө болбошу керек. Резервуардык жабдуулар жана жерге туташтыруу текшерилип, зарыл болсо оңдолот.

55. Резервуарларды сыноо ГОСТ 17032-2022 боюнча жүргүзүлөт.

Резервуарларды (жаңыдан ишке киргизилген, реконструкцияланган, оңдоодон кийинки) гидравликалык сыноолор аларды суу менен толук толтуруу, толтурулган абалда 72 саат бою кармап туруу жана деңгээлин контролдоо жолу менен жүргүзүлөт. Гидравликалык сыноону күйүүгө инерттүү башка суюктуктар менен жүргүзүүгө жол берилет. Сыноолордун жыйынтыгы боюнча эркин формада акт түзүлөт жана АМКСтин жетекчиси тарабынан бекитилет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

56. Резервуардын толуп кетүүсүнөн улам мунай продуктуларынын кетүүсүн алдын алуу максатында, аны толтуруунун максималдуу көлөмү резервуардын сыйымдуулугунун 95%ынан ашпоого тийиш. Бул максатта куюучу түтүк өткөргүчкө 95% толтурууга жөнгө салынган бөгөттөөчү клапан орнотулушу керек.

Мындан тышкары, күйүүчү май сактоочу резервуарлар 90% толгон учурда АМКСтин персоналына автоматтык түрдө белги (жарык жана үн) берүүнү камсыз кылуучу ашып кетүүдөн сактоо системалары менен жабдылышы шарт.

57. Резервуарлардын жабдуулары алдын алуучу кароодон өткөрүлүп турат:

- дем алдыруучу клапандар даярдоочу заводдун нускамасына ылайык мезгил-мезгили менен, бирок жылдын жылуу мезгилинде айына эки жолудан кем эмес, ал эми айлана-чөйрөнүн абасынын температурасы нөлдөн төмөн болгон учурда он күндө бир жолудан кем эмес каралып турат; кышкы мезгилде клапандын тарелкасы менен корпусунун дубалынын ортосундагы жылчыктын кичирейип кетишине жол бербөө үчүн аларды кыроодон жана муздан үзгүлтүксүз тазалап туруу зарыл;

- ар бир нөөмөттө (күн сайын) АМКСтин жооптуу кызматкерлери тарабынан бирикмелердин герметикалуулугунун бузулушун аныктоо, сырдоо катмарын калыбына келтирүү жана таштандылардан тазалоо максатында төгүүчү жабдууларга, резервуарлардын технологиялык кудуктарына кароо жүргүзүлөт.

Оңдоо иштеринин натыйжалары жана четтетилген бузулуулар жабдууларды оңдоону эсепке алуу журналына (5-тиркеме) жана резервуарлардын паспортторуна белгиленет.

58. Дем алдыруучу клапандар иштеп кетүүсү боюнча текшерүүдөн өткөрүлүүгө тийиш. Текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгү - жылына эки жолу, ар бир 6 ай сайын. Текшерүүлөрдү жүргүзүү убактысы алардын жылдын жайкы жана кышкы мезгилдеринде аткарылышын камсыз кылгандай тандалып алынат. Дем алдыруучу клапандардын иштеп кетүүсү боюнча техникалык талаптар даярдоочу заводдун документтерине ылайык белгиленет. Дем алдыруучу клапан чечилип турган учурда күйүүчү майды берүү боюнча иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

59. Резервуардын бардык кыймылдуу жана кыймылсыз бирикмелери герметикалуу түрдө тыгыздалат. Резервуардын ички мейкиндигинин атмосфера менен байланышы дем алдыруучу клапан аркылуу ишке ашырылат. Резервуарлардын газ мейкиндигинин герметикалуулугун текшерүү дем алдыруучу арматуранын иштеп кетүүсүн текшерүү менен айкалыштырылат.

60. Резервуардын ченөөчү кыска түтүгү так тик абалда орнотулат.

61. Төгүүчү түтүк өткөргүчтүн төмөнкү кесиги 30-45 градус бурч астында болушу жана резервуардын эң төмөнкү чекитинен 100 мм бийик эмес аралыкта орнотулушу керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

62. МККлар күйүүчү майдын көлөмүн өлчөөчү каражаттар болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 446 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында өлчөө каражаттарына текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого» жана МИ 1864-2020 ылайык мамлекеттик текшерүүгө жатат.

МККны алгачкы текшерүү өндүрүштөн чыкканда же оңдогондон кийин, ал эми мезгил-мезгили менен текшерүү - эксплуатациялоо процессинде белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

63. Мамлекеттик текшерүүнүн жыйынтыгы оң болгон учурда, мамлекеттик текшерүүчүнүн оттиски бар пломбалары МККны даярдоочу заводдун эксплуатациялык документтеринде көрсөтүлгөн пломбалоо схемасына ылайык жерлерге коюлат.

64. МККнын эсептегичтеринин көрсөткүчтөрүн каттоо үчүн МККнын ишин эсепке алуу журналы (6-тиркеме) жүргүзүлөт.

65. Нөөмөттү өткөрүп берүү учурунда МККнын ишин контролдоо максатында II разряддагы текшерилген өлчөгүчтөрдүн жардамы менен МККнын каталыгына контролдук текшерүү жүргүзүлөт. Текшерүүдөн кийин өлчөгүчтөгү мунай продуктусу акт түзүү менен (7-тиркеме) резервуарга төгүлөт. Эгерде МККнын каталыгынын мааниси негизги жол берилүүчү каталыктын чегинен чыгып кетсе, анда МККны жөндөө же зарыл болгон учурда оңдоо иштери жүргүзүлөт.

66. Мамлекеттик текшерүүчүнүн пломбаларын алуу менен МККны оңдоодо же жөнгө салууда жабдууларды оңдоону эсепке алуу журналына (5-тиркеме) пломбалар алынган учурдагы жана МККны оңдоо жана каталыгын жөнгө салуу аяктагандан кийинки күнү, убактысы жана суммалык эсептегичтин көрсөткүчтөрү жөнүндө жазуу киргизилет жана МККда оңдоо иштерин аткарууда мунай продуктуларын эсепке алуу актысы (8-тиркеме) түзүлөт.

67. Мамлекеттик текшерүүчүнүн пломбаларын алуу менен МККны оңдоо жана жөндөө иштери аяктагандан кийин, аларды текшерүүдөн өткөрүү жана пломбалоо үчүн мамлекеттик текшерүүчү чакыртылат. МККны текшерүүчүгө тапшырганга чейин аларды эксплуатациялоого тыюу салынат.

68. Ар бир МККга анын катар номери жана берилүүчү мунай продуктусунун маркасы жазылышы керек. Зарыл болгон учурларда МККда түзүлүштүн иштөөсүнүн же автотранспортко май куюунун өзгөчө шарттары жөнүндө маалымат жазылышы же башка ыкма менен көрсөтүлүшү керек.

69. Төгүлүп калууларды жана чачырап кетүүлөрдү алдын алуу максатында АМКСтерде транспорт каражатынын багы толугу менен толгондо күйүүчү майды берүүнү автоматтык түрдө токтотуучу май берүүчү кран менен жабдылган МККлар колдонулушу керек.

70. МККны техникалык тейлөө, оңдоо жана текшерүүдөн өткөрүү жабдууларды оңдоону эсепке алуу журналына катталышы зарыл. МККнын формулярларына (паспортторуна) эксплуатациялоого киргизилгендеп

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

баштап берилген күйүүчү майдын көлөмү, оңдоо иштери жана агрегаттардын түйүндөрүн алмаштыруу жөнүндө белгилер коюлат.

71. Техникалык бузулуу болгон, мунай продуктусу жок болгон же МККнын иштөөсү мүмкүн болбогон башка учурларда ага «Оңдоо», «Техникалык тейлөө» деген жазуусу бар же анын иштебеген абалы жөнүндө маалымдоочу башка мазмундагы тактача илинет. Бузук МККнын корпусуна куюучу шлангды ороп коюуга тыюу салынат. Иштебеген МККларда куюучу кранды корпустагы уячасынан алынышына жол бербеген механикалык бөгөттөөнү ишке ашырууга жол берилет.

72. МККларды төмөнкү учурларда эксплуатациялоого жол берилбейт:

- бул өлчөө каражатынын түрүнүн сүрөттөмөсүндө белгиленген чектен ашкан каталыгы менен;
- текшерүүчүнүн пломбалары жок болгондо же бузулганда;
- агрегаттардын, түйүндөрдүн жана бирикмелердин герметикалуулугунун бузулушунан улам күйүүчү майдын агып чыгуу учурунда;
- даярдоочу завод тарабынан аныкталган техникалык эксплуатациялоо эрежелеринен жана ушул Эрежелерден четтөөлөр же техникалык бузулуулар болгондо;
- эксплуатациялык документтерде сүрөттөлгөн колонканын конструкциясы бузулган учурда.

73. Кароочу жана кабыл алуучу кудуктардын капкактарын төгүү операциялары учурунда ченөөлөрдү жүргүзүү жана үлгүлөрдү алуу, жана алдын алуучу иш-чараларды өткөрүү үчүн гана ачуу зарыл.

74. МККдагы, куюучу жеңчелердеги, түтүк өткөргүчтөрдөгү жана арматурадагы фланецтик, бурамалуу жана башка типтеги бирикмелердин герметикалуулугуна көзөмөл орнотулушу керек. Ар кандай агууларды токтоосуз четтетүү зарыл.

75. Түтүк өткөргүчтөрдүн жана жабдуулардын бардык фланецтик бирикмелери фторопласттан, бензинге жана майга туруктуу резинадан жасалган төшөмөлөргө, же болбосо мунай продуктулары үчүн атайын (сертификатталган) төшөмөлөргө тыгыз тартылып бекитилиши керек.

76. Задвижкалар, крандар, вентилдер жана башка жабуучу түзүлүштөр оң абалда кармалышы жана түтүк өткөргүчтөрдү ишенимдүү жана тез жабуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек. Жабуучу түзүлүштөрдөгү бузулууларды токтоосуз четтетүү зарыл.

77. Жабуучу жана башка түзүлүштөрдүн сальниктик тыгыздагычтары үзгүлтүксүз текшерилип турушу керек, зарылдыгына жараша сальниктик толтурманы алмаштырып туруу зарыл.

78. АМКСтин документтеринин топтомуна жабуучу жана жөнгө салуучу арматура, ошондой эле башка жабдуулар белгиленген технологиялык түтүк өткөргүчтөрдүн схемасы кирүүгө тийиш.

79. Технологиялык түтүк өткөргүчтөр, жабуучу жана жөнгө салуучу арматуралар, ошондой эле башка жабдуулар градуирлениши керек. Пландан тышкаркы градуирлөө технологиялык түтүк өткөргүчтөрдүн

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

технологиялык схемасы жана жабдуулардын курамы өзгөргөндө, ошондой эле технологиялык түтүк өткөргүчтөрдүн жана жабдуулардын конструкциялык өлчөмдөрүнүн же ички көлөмүнүн өзгөрүшүнө алып келген оңдоо жана башка иштер аяктагандан кийин жүргүзүлөт.

80. Технологиялык түтүк өткөргүчтөрдү эксплуатациялоо төмөнкү шарттарда ишке ашырылат:

- алар металлдан же болбосо мунай продуктуларын айдоо үчүн түтүк өткөргүчтөрдү даярдоодо колдонуу мүмкүнчүлүгүн ырастоочу документтери бар материалдардан жасалган болсо;

- фланецтердин бирикмелери «тиш-оюк» принциби боюнча аткарылып, мунай продуктуларынын жана айлана-чөйрөнүн таасирине туруктуу төшөмөлөргө тыгыз тартылып бекитилген болсо, же болбосо башка герметикалуу жана жүктөмдөргө туруктуу ыкма менен даярдалган болсо;

- түтүк өткөргүчтөрдүн бирикмелери узак мөөнөттүү эксплуатациялоо шарттарында алардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылса;

- мунай продуктуларын төгүү аянтчасынан резервуарларга чейинки түтүк өткөргүчтөр резервуарды толтуруу линиясы боюнча жалындын таралышына тоскоолдук кылуучу түзүлүштөр менен жабдылган болсо;

- деаэрация линиясынын түтүк өткөргүчтөрү от тоскучтар менен жабдылган болсо;

- деаэрация линиясынын түтүк өткөргүчтөрүнүн конструкциясы мунай продуктуларынын ар башка топторунун (автомобилдик бензиндеринин жана дизель отундарынын) товардык запастарын жайгаштырууга арналган резервуарлардын газ мейкиндиктеринин биригишин болтурбаса.

81. Түтүк өткөргүчтөрдүн бирикмелери герметикалуу болушу керек.

82. Түтүк өткөргүчтөргө орнотулган бекитүүчү жана жөнгө салуучу арматура болоттон жасалган же болбосо бул материалдарды мунай продуктулары менен иштөө үчүн колдонуу мүмкүнчүлүгүн ырастаган документтери бар материалдардан даярдалган болушу керек, ошондой эле арматура технологиялык схемага ылайык келген номерлөө (маркалоо) менен камсыздалышы керек. МККнын соруучу түтүк өткөргүчтөрүндө мунай продуктуларынын артка агып кетүүсүн алдын алуу үчүн кайтаруучу клапандар, анын ичинде МККнын астындагы жеткирүүчү түтүк өткөргүчкө авариялык клапан орнотулат. Задвижкалар, крандар, вентилдер жана башка жабуучу түзүлүштөр түтүк өткөргүчтү ишенимдүү жана тез жабуу үчүн оң абалда кармалышы керек. Жабуучу түзүлүштөрдө чектик абал көрсөткүчтөрү жайгаштырылат.

83. Төгүүчү түзүлүштөр АМКСтин түтүк өткөргүчтөрү менен автоцистернанын төгүүчү жеңчелеринин туташуусунун герметикалуулугун камсыз кылышы керек. Мунай продуктуларынын аралашып кетишин болтурбоо үчүн төгүүчү муфталар тааануу белгилери менен жабдылат.

84. Мунай продуктулары жана буу-аба аралашмалары үчүн жер астындагы түтүк өткөргүчтөрдү кеминде 0,4 м тереңдикте, мунай

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

продуктуларынын мүмкүн болгон агып чыгууларынын алардын чегинен сыртка өтүп кетишин болтурбоочу чуңкурлатылган лотоктордо жайгаштыруу зарыл. Лотокторду күйбөгөн материал менен (тыгыздоо аркылуу) толтуруу керек. Ички жана тышкы түтүк өткөргүчтөрдү өз-өзүнчө герметикалуу бекитүүнү камсыз кылган ажыратылма бирикмелери бар «түтүктөгү түтүк» тибиндеги эки катмарлуу түтүк өткөргүчтөрдү колдонууда түтүк өткөргүчтөрдү лотоксуз төшөөгө жол берилет.

85. Күйүүчү майдын технологиялык түтүк өткөргүчтөрүн газ өткөргүчтөр, өрткө каршы суу өткөргүчтөр, жылуулук тармактары, ошондой эле жогорку жана төмөнкү чыңалуудагы кабелдер менен бирге жалпы траншеяларда, АМКСтин имараттарынын астында жана эвакуациялык чыгуучу эшиктер тарабынан төшөөгө жол берилбейт.

86. АМКСтин технологиялык түтүк өткөргүчтөрүн коопсуз жана авариясыз эксплуатациялоону камсыз кылуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- долбоордо белгиленген чектен ашык басымдын жогорулашына жол бербөө;
- бекитүүчү арматуранын элементтерин кандайдыр бир кошумча рычагдарды колдонбостон, маховиктер же атайын ачкычтар менен гана ачуу жана жабуу;
- күз-кыш мезгилинде тоңуп калууну болтурбоо үчүн түтүк өткөргүчкө суу кирип кетпешине көз салуу.

87. Технологиялык түтүк өткөргүчтөрдүн жер үстүндөгү жана технологиялык кудуктарда жайгаштырылган бөлүгү, арматура жана түзүлүштөр тейлөөчү персонал тарабынан биринчи кезекте бириккен жерлеринин герметикалуулугу боюнча ар бир нөөмөттө каралып турат. Герметикалуулугу бузулган түтүк өткөргүчтөрдү эксплуатациялоого жол берилбейт. Мунай продуктуларынын агып чыгышы жана тамчылашы дароо төмөнкү ыкмалар менен жоюлат:

- авариялык муфталарды жана хомуттарды коюу аркылуу;
- ыкчам отсуз ыкмаларды (полимердик материалдарды, отсуз ширетүүнү ж. б.) колдонуу менен түтүк өткөргүчтөрдү калыбына келтирүү аркылуу;
- фланецтик бирикмелердеги болтторду тартуу же төшөмөлөрдү алмаштыруу аркылуу;
- сальниктик толтурмаларды кошуу жана алмаштыруу аркылуу;
- белгиленген тартипте бекитилген оңдоо боюнча нускамаларда каралган ширетүү жана башка ыкмалар аркылуу. От менен байланышкан иштерди жүргүзүүдөн мурун түтүк өткөргүч мунай продуктуларынан бошотулушу жана коопсуз ченемдерге чейин дегазацияланууга тийиш.

Жүргүзүлгөн бардык иштер жабдууларды оңдоону эсепке алуу журналына (5-тиркеме) катталат.

88. Түтүк өткөргүчтөрдү техникалык тейлөө боюнча иштердин курамына сырткы кароодон тышкары төмөнкүлөр кирет:

- технологиялык шахталарда түтүктөрдүн бекитилишин текшерүү;
- арматураны тазалоо жана сырдоо;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

- төгүүчү чыпкалардын чыпкалоочу элементтерин алмаштыруу;
- от тоскучтарды тазалоо жана үйлөтүп тазалоо (зарыл болгон учурда);
- бириктирүүчү түзүлүштөрдөгү жана түтүк өткөргүчтөрдүн бириккен жерлериндеги тыгыздоочу төшөмөлөрдүн абалын текшерүү;
- лотоктордогу жана «түтүктөгү түтүк» ыкмасы менен төшөлгөн түтүк өткөргүчтөрдү агып чыгуулардын бар-жогуна карата текшерүү.

89. Бекитүүчү арматураны техникалык тейлөөдө тыгыздагычтар аркылуу мунай продуктуларынын агып чыкпашы, туташтыруучу фланецтердин жана төшөмөлөрдүн абалы, болттордун, гайкалардын жана шпилькалардын толук комплектисинин болушу, маховиктердин бүтүндүгү жана бекитилишинин ишенимдүүлүгү контролдонот. Бузук жана герметикалуулугу бузулган арматура оңдолууга же алмаштырылууга тийиш.

90. Буу-аба түтүк өткөргүчтөрү алардын ички бетин чөкмөлөрдөн тазалоо максатында АМКСтерди эксплуатациялаган уюмдарда бекитилген пландарга ылайык флегматизациялоочу концентрацияларды камсыз кылуу менен инерттүү газ же суу буусу аркылуу үйлөтүп тазалоодон өткөрүлөт. Буу-аба түтүк өткөргүчтөрүн үйлөтүп тазалоо үчүн абаны колдонууга ГОСТ 31438.1 талаптары камсыз кылынган шартта жол берилет.

91. Беш жылда бир жолудан кем эмес технологиялык түтүк өткөргүчтөр герметикалуулукка сыноодон өткөрүлөт. Бул операцияны резервуарларды тазалоо иштери менен айкалыштыруу сунушталат. «Түтүктөгү түтүк» тибиндеги кош дубалдуу түтүк өткөргүчтөрдүн дубал аралык мейкиндигинде герметикалуулукту контролдоо системасы болгон учурда герметикалуулукка сыноолорду жүргүзбөөгө жол берилет. Герметикалуулукка сыноодон өтпөй калган түтүк өткөргүч алмаштырылууга же оңдолууга тийиш.

92. Монтаждоодон же оңдоодон кийин технологиялык түтүк өткөргүчтөр ГОСТ 32569-2013 ылайык бекемдикке жана герметикалуулукка сыналып, сыноолордун жыйынтыктары боюнча акт түзүлөт.

93. Электр суу жылыткычтарды эксплуатациялоодо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 3-августундагы № 01-13/157 буйругу менен бекитилген “Электр орнотмолорун иштетип пайдалануудагы коопсуздук эрежелерин” жетекчиликке алуу зарыл.

94. Электр жылытуучу приборлордун кубаттуулугу 18 кВттан ашпоого тийиш. АМКСтин оператордук бөлмөсүн жылытуу заводдо гана даярдалган электр суу жылыткычтары же суу менен жылытуу тутуму аркылуу ишке ашырылат.

95. АМКСтин өндүрүштүк жайларынын желдетүү орнотмолору оң техникалык абалда кармалышы керек. Мажбурлоо аракетиндеги желдетүү орнотмолорунун иштөө натыйжалуулугу паспортуна белги коюу менен жыл сайын текшерилип турууга тийиш.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

96. Электр орнотмолорун эксплуатациялоо буйрук менен дайындалган, АМКСтин электр чарбасына жооптуу, окутуудан жана аттестациядан өткөн адам тарабынан камсыз кылынууга тийиш.

97. АМКСтин паспортундагы электр схемасында электр энергиясын керектөөчүлөр (электр кыймылдаткычтары, чырактар, жылытуучу электр приборлору ж. б.), аппаратура (иштеткичтер, ишке киргизүү баскычтары, өчүргүчтөр ж. б.), электр линиялары (зымдар, кабелдер), кабелдердин жана зымдардын маркалары жана кесилиш аянттары, аларды төшөө ыкмалары (щиттин эшигиндеги бир линиялуу принципиалдуу электр схемасы) көрсөтүлүшү керек.

98. Күч жана жарык берүү тармагынын которгучтарында, автоматтык өчүргүчтөрүндө өчүрүлүүчү аппараттын аталышы көрсөтүлгөн так жазуулар болушу керек, электр щиттериндеги ачык типтеги магниттик иштеткичтер изоляциялоочу материалдан жасалган коргоочу экран менен жабылууга тийиш.

99. Кабелдер мунай продуктуларынын түтүк өткөргүчтөрүнөн кеминде 1 м аралыкта КЧжЭ 2.11.03-93 ылайык төшөлөт.

100. Брондолгон же коргошун кабыктуу кабелдердин зымдарынын металл кабыктарынын, изоляциялык түтүкчөлөрдүн, электр өткөргүчтүн болот түтүктөрүнүн үстүнкү беттери сырдалууга же лак менен капталууга тийиш. Алардын сырынын түсү бөлмөнүн сырдалган түсүнөн айырмаланып турушу керек. Электр түзүлүштөрүнүн жана жабдууларынын бардык металл бөлүктөрү ишенимдүү түрдө нөлдөштүрүлүүгө (нейтралы туюк жерге туташтырылган тармактар үчүн) же жерге туташтырылышы (нейтралы изоляцияланган тармактар үчүн) керек.

101. АМКСте электр жабдуулары үчүн жана статикалык электрден, чагылгандын түз тийүүсүнөн жана чагылгандын экинчи таасирлеринен коргоо үчүн жалпы жерге туташтыруу контуру болушу керек. Жерге туташтыргычтардын токтун жайылышына болгон каршылыгы 10 Омдон ашпоого тийиш. Күйүүчү суюктуктары жана газдары бар түтүк өткөргүчтөрдү, ошондой эле башка түтүк өткөргүчтөрдү жерге туташтыргыч катары колдонууга катуу тыюу салынат.

102. Жерге туташтыруучу түзүлүштөрдү 6 айда 1 жолудан кем эмес, ал эми нымдуу жана өтө нымдуу бөлмөлөрдө 3 айда 1 жолудан кем эмес карап туруу зарыл.

103. Жерге туташтыруучу түзүлүштөрдүн каршылыгын жылына 1 жолудан кем эмес, ошондой эле ар бир капиталдык оңдоодон кийин адистештирилген уюм тарабынан өлчөнөт. Өлчөөлөрдүн натыйжалары протокол менен таризделет жана андан кийинки корутунду АМКСтин паспортуна киргизилет.

Жерге туташтыргычтардын каршылыгын, ошондой эле кыртыштын салыштырма каршылыгын топурактын өткөрүмдүүлүгү эң аз болгон мезгилде: жайында топурак абдан кургаган учурда, ал эми кышында топурак абдан тоңгон учурда өлчөшөт. Бир эле учурда электр тармагынын зымдарынын изоляциясынын каршылыгы өлчөнөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

104. Электр жабдууларын ар бир оңдоодон кийин ага нөлдөштүрүүнүн жана жерге туташтыруучунун коргоочу өткөргүчтөрүнүн туташтырылышынын ишенимдүүлүгүн текшерүү зарыл.

105. Иштеткичтер, магниттик өчүргүчтөр электр жабдууларынын белгиленген кубаттуулуктарына ылайык келиши керек.

106. Жарылуудан корголгон жабдууларды кабыктарынын бөлүктөрү чечилип турган абалда эксплуатациялоого тыюу салынат.

107. Технологиялык арматураланган түтүк өткөргүчтөр, МКК жана төгүүчү жеңчелер бирдиктүү электр чынжырына ишенимдүү туташтырылышы керек.

108. Техникалык-эксплуатациялык документтердин талаптары сакталган шартта, резервуарлар жана түтүк өткөргүчтөр 10 жыл бою герметикалуулугун сактоого тийиш.

109. АМКСте электр энергиясы менен камсыздоону борборлоштурулган түрдө өчүрүүнү кароо зарыл.

110. АМКСтин аймагында төмөнкүлөргө жол берилбейт:

- уюмдун жетекчилиги менен макулдашпастан мунай продуктуларын кабыл алууга же берүүгө байланышпаган иштерди жүргүзүүгө;
- тамеки чегүүгө же ачык отту пайдалануга;
- тез от алуучу суюктуктар менен колду жууганга, кийимдерди жууганга жана бөлмөнүн полун сүртүүгө;
- май куюуга же мунай продуктуларын төгүүгө жана тейлөөгө байланышпаган бөтөн адамдардын болушуна.

5- глава. Контейнердик АМКСтерди пайдалануу

111. Контейнердик АМКСтердин түзүлүшү КР КЧ 21-02:2018 жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы № 251 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелеринин” талаптарына жооп бериши керек.

112. Контейнердик АМКСтер белгиленген тартипте бекитилген техникалык документтерге ылайык заводдо даярдалган болушу керек.

113. Контейнердик АМКСтер жана жер үстүндөгү резервуарлары бар АМКСтер, өнөр жай ишканаларынын аймагында жайгашкан АМКСтерди кошпогондо, калктуу конуштардан тышкары орнотулат.

114. Техникалык шарттардын талаптарына шайкештигин тастыктоо үчүн контейнердик АМКСтер мезгил-мезгили менен, үч жылда 1 жолудан кем эмес, сыноодон өткөрүлүшү керек.

Контейнердеги дубал блокторунун бириккен жерлери ГОСТ 14791-79 боюнча герметизациялоочу мастика менен толтурулушу керек. Блокторду болттор менен бекиткенден кийин алардын ортосунда жылчыктардын болушуна жол берилбейт.

115. Чыңалуу астында калышы мүмкүн болгон бардык металл бөлүктөр ченемдик документтердин талаптарына ылайык жерге туташтырылышы керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

116. Контейнердин туюк дубалдары эки тарабынан капталышы керек. Каптамалардын ортосундагы мейкиндик жылуулук изоляциялоочу материал менен толтурулушу керек.

117. Контейнерлердин пайдубалдары резервуарлардын астында күйүүчү майдын топтолушуна жол бербеши керек. Пайдубалдын бийиктиги ага чектеш жайгашкан аянтчага карата кеминде 0,2 м болушу, анын пландагы өлчөмдөрү күйүүчү майды сактоочу контейнердин өлчөмдөрүнөн бардык тарабынан кеминде 0,5 м ашык болушу, ал эми пайдубалдын үстүңкү бети резервуарлардан пайдубалдын четтерин көздөй кеминде 2 градус эңкейишке ээ болушу керек.

118. Автоцистернадан күйүүчү майды ченөөчү люк аркылуу төгүүгө катуу тыюу салынат.

119. Технологиялык жабдууларга контролдук кылуунун ыңгайлуулугу үчүн контейнердин чатырында тосмолору бар аянтча жана шаты орнотулушу керек.

120. Контейнерде МКК техникалык тейлөө жана башкаруу үчүн эркин жетүүнү, ошондой эле колдонуудагы ченемдерге ылайык аянтча жарыктандырылган шартта эсептөөчү түзүлүштүн маалыматын 4 м чейинки аралыктан көрүүнү камсыз кылууну эске алуу менен жайгаштырылышы керек.

121. Контейнердик АМКСтин оператордук бөлмөсү МККны аралыктан башкаруу тутуму, байланыш, өрт өчүрүү каражаттары, үн чыгаруучу кайтаруу сигнализациясы менен жабдылышы керек. Оператордук бөлмөдө санитардык-тиричилик жайы болууга тийиш.

122. Контейнердик АМКСти эксплуатациялоодо анын паспорту, эксплуатациялоо боюнча нускамасы жана ушул Эрежелер жетекчиликке алынышы керек.

123. Контейнердик АМКС иштеп баштаардан мурун төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- эшиктерди ачуу жана аларды кармагычтарга бекитүү;
- бөлмөнү 15 мүнөт бою желдетүү;
- өрткө каршы шаймандарды жана өрт өчүрүү каражаттарын колдонууга даярдоо;
- түтүк өткөргүчтөрдүн жана колонканын кошулган жерлеринин герметикалуулугун кароо жолу менен текшерүү, мунай продуктусу агып жаткандыгы аныкталган учурда бузулууларды четтетүү;
- корпустун жерге туташтыргычынын оң абалда экендигине, ошондой эле станциянын ичинде жана айланасында бөтөн нерселердин, кургак чөптүн, кагаздардын, майланган чүпүрөктөрдүн ж.б. жоктугуна ынануу;
- сыртка чыгарылган электр щиттен МККнын электр электр энергиясы менен камсыздоону күйгүзүү.

124. Вентилдердин жана түтүк өткөргүчтөрдүн кошулган жерлеринде жылчыктар болгондо, ошондой эле агуулар байкалганда мунай продуктуларын кабыл алууга тыюу салынат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

125. Автотранспортко май куюу учурунда күйүүчү майды кабыл алууга тыюу салынат.

126. Пландуу оңдоо жана техникалык тейлөө иштерин жүргүзүүдө басымдуу, соруучу жана аба түтүк өткөргүчтөрүнүн чыпкаларынын торчолорун булгануудан тазалап туруу зарыл.

127. Иш аяктагандан кийин щиттен электр электр энергиясы менен камсыздоону өчүрүү зарыл.

128. Оператордук бөлмөсү жок контейнердик АМКСтин операторлору станция орнотулган уюмдардын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча кызматтык жайларга жайгаштырылат жана жайгаштырылган объекттердин санитардык-тиричилик түзүлүштөрүн пайдаланышат.

129. Ачык турган сактоочу контейнерди кароосуз калтырууга тыюу салынат.

130. Май куюуга кезек күтүп турган автоунаалар май куюучу аралчалардын аймагынан сырткары турууга тийиш.

131. Коопсуз эксплуатациялоо үчүн жооптуу адамдын телефон номерлери, аты-жөнү жана кызмат орду контейнердик АМКСтин паспортуна киргизилүүгө тийиш.

6-глава. Көчмө АМКСтерди пайдалануу

132. Көчмө АМКСтер автотранспорт токтоочу жайларда, автотрассаларда, туристтик автомаршруттарда, талаа шарттарында автоунааларга жана башка техникаларга май куюу үчүн, моторлуу кайыктардын жана катерлердин пристандарында, ошондой эле стационардык АМКСтердин аймагында, аларды оңдоо, резервуарларды тазалоодон улам ишин токтоткон учурда колдонулат. Шаарларда, райондук борборлордо, калктуу конушдарда жана ишканаларда көчмө АМКСтерди колдонууга тыюу салынат.

133. Көчмө АМКСтер белгиленген тартипте бекитилген техникалык документтерге ылайык заводдо даярдалган болушу керек.

134. Көчмө АМКСтерде мунай продуктуларын ташуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 198 токтому менен бекитилген “Автомобиль транспорту менен кооптуу жүктөрдү ташуу эрежелеринин” талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

135. Башка транспорт каражаттарынын жана калктын кыймылынын коопсуздугун, ошондой эле мунай продуктулары сатылуучу жердин өрт коопсуздугун камсыз кылуу максатында көчмө АМКСтин жумуш орду жол кыймылынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылган атайын бөлүнгөн аянтчада жайгашууга тийиш.

Көчмө АМКСтер жайгаштырылуучу аянтчалар тегиз болушу, өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо менен май куюу үчүн автотранспорттун эркин келип-кетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек. Көчмө АМКС орнотулган жерде тиешелүү коргоочу белгилер болууга тийиш.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

136. Көчмө АМКС иштеген жерге кире бериш жолдордо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 4-августундагы № 421 токтому менен бекитилген “Жол кыймылынын эрежелеринин” 1-тиркемесинин 7.3 “Автомай куюучу станция” жол белгиси орнотулат.

Көчмө АМКСтердин токтоо (иштөө) жерлери иштөө режими, көчмө АМКСтин номери, анын уюмдук таандыктыгы, ошондой эле мунай продуктуларын берүү тартиби көрсөтүлгөн жарнамалык такталар менен жасалгалануу тийиш.

Жумуш убактысынан тышкаркы учурда көчмө АМКСтин токтоочу орду өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берген гараж же ачык аянтча болушу керек.

137. Көчмө АМКСтин токтоочу жайдан чыгуусуна туура тарызделген жол баракчасы жана жол баракчасында көчмө АМКСтин оң абалда экендиги жана толук жабдылгандыгы жөнүндө механиктин белгиси болгон учурда гана уруксат берилет.

138. Көчмө АМКСти эксплуатациялоо автопоезддин курамында да, өзүнчө да жүргүзүлөт.

139. Автоунаасы же чиркегичи бузук болгон учурда көчмө АМКСти эксплуатациялоого тыюу салынат.

140. Көчмө АМКСти мунай базаларынан стационардык АМКСтерге мунай продуктуларын ташуу үчүн транспорт каражаты катары пайдалануга тыюу салынат.

141. Көчмө АМКСти коопсуз эксплуатациялоо үчүн жооптуу адам көчмө АМКС таандык болгон уюмдун буйругу менен дайындалат.

142. Ар бир көчмө АМКС жол кыймылынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органда каттоого алынышы керек.

143. Ар бир көчмө АМКСке өчпөй турган боёк менен «Көчмө АМКС», «Өрт коркунучу бар» деген жазуулар жана жүктүн классификациялык белгиси түшүрүлүшү керек. Көчмө АМКСтин шкафынын эшигинин ички тарабына берилүүчү мунай продуктуларынын маркалары жана май куюучу жабдуулардын технологиялык схемасы көрсөтүлгөн тактача орнотулууга тийиш.

144. Көчмө АМКСтердин автоунааларын (чиркегичтерин) техникалык тейлөө жана оңдоо нускамага ылайык жана уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилген график боюнча аткарылат. Тейлөө жана оңдоо иштерин буйрук менен бул милдетти аткаруу жүктөлгөн жооптуу адистин жетекчилиги астында тиешелүү кесиптеги жумушчулар жүргүзүшөт.

145. Көчмө АМКСте төмөнкү эксплуатациялык документтер болууга тийиш:

- даярдоочу заводдун паспорту жана эксплуатациялоо боюнча колдонмосу;
- комплекттөөчү жабдуулардын (резервуардын, насостук жабдуулардын, МККнын) паспорттору;
- көчмө АМКСтин технологиялык схемасы;
- эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу боюнча нускамалар;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

- ушул Эрежелердин талаптарына ылайык графиктер, актылар жана журналдар.

146. Мунай продуктуларын берүүнү баштаардан мурун айдоочу-май куюучу төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:

- АМКСти автоунаанын жана чиркегичтин ишенимдүү тормоздолушун камсыз кылуу менен көчмө аянтчага орнотуу;

- көчмө АМКСти ишенимдүү түрдө жерге туташтыруу;

- өрткө каршы шаймандарды жана өрт өчүрүү каражаттарын колдонууга даярдоо;

- МКК шкафынын эшиктерин ачуу, аларды илгичке бекитүү, шкафтын полун сүртүү;

- түтүк өткөргүчтөрдүн жана МККнын герметикалуулугун текшерүү;

- электр энергиясы менен камсыздоону тышкы электр тармагына кошуу же электр агрегатын жумушчу абалга келтирүү;

- үлгүлүү өлчөгүч менен МККнын иштөө каталыгын текшерүү.

147. Көчмө АМКСтер мунай базасына мунай продуктуларын куюуга цистернада мунай продуктуларынын калдыгы жок абалда берилет. Көчмө АМКСтин цистернасы күйүүчү май менен контролдук белгисине (планкага) чейин толтурулат. Көчмө АМКСке кабыл алынган мунай продуктуларынын саны көчмө АМКСтин паспортунда көрсөтүлгөн цистернанын толук сыйымдуулугу боюнча же мунай базасынын куюу пунктунун эсептегичинин көрсөткүчтөрү боюнча аныкталат.

148. Көчмө АМКСтерде иштөөдө коопсуздук техникасынын жана өрт коопсуздугунун талаптары так аткарылууга тийиш.

149. Көчмө АМКС кыймылдаган учурдагы транспорттук силкинүүгө байланыштуу жерге туташтыргычтын болттук байланыштарынын бошоп кетишине каршы чаралар көрүлүшү керек.

150. Жерге туташтыруучу түзүлүштүн каршылыгы 10 Омдон ашпоого тийиш. Вертикалдуу жерге туташтыргычты орнотууда ал жерге 0,5-0,6 м тереңдикке кагылат.

151. Электр зымдарынын бардык бирикмелери кылдат изоляцияланууга жана учкун чыгууну болтурбоого тийиш.

152. Электр энергиясы менен камсыздоо тышкы тармактардан алынган учурда кирүүчү жерине өчүрүүчү түзүлүш орнотулушу керек. Айдоочу электр коопсуздугу боюнча II квалификациялык топко ээ болууга тийиш.

153. Кыймыл учурунда берүүчү түзүлүштөрдүн шкафтарынын жана кутулардын эшиктери тыгыз жана ишенимдүү жабылууга тийиш. Кыймыл учурунда алардын өзүнөн-өзү ачылып кетишине жол берилбейт. Цистернанын оозунун капкагы ишенимдүү герметикалуулукту камсыз кылышы, оңой ачылып-жабылышы керек, ошол эле учурда анын өзүнөн-өзү ачылышына жол берилбеши керек, ал эми жерге туташтыруучу чынжыр 100-200 мм узундукта жерге тийип турушу керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

154. Тейлөөчү персоналдын жаракат алышына алып келиши мүмкүн болгон көчмө АМКСтердин цистерналарынын үстүңкү бетинин, жумушчу аянтчалардын кармагычтарынын муз тоңуп калышына жол берилбейт.

155. Ар бир көчмө АМКС төмөнкүлөр менен комплекттелиши керек:

- атайын жабдуулар жана учкун чыгарбоочу аспаптар менен;
- запастык бөлүктөрдүн комплектиси менен;
- көлөмү 10 л болгон стандарттык өлчөгүч;
- эки өрт өчүргүч менен: бири - транспорт каражатындагы өрттү өчүрүү үчүн, экинчиси - ташылып жаткан мунай продуктусу күйгөн учурда өрттү өчүрүү үчүн;
- кийиз (асбест кездемеси) менен;
- кум салынган куту менен;
- чачырап төгүлгөн мунай продуктуларын чогултуучу лоток менен;
- жеке медициналык дары-дармек кутусу менен;
- дөңгөлөктүн артка жылуусуна каршы тирөөчтөр (башмактар) менен.

156. Көчмө АМКСти жумушчу абалында айдоочу-май куюучусу жок калтырууга, аны жерге туташтырылбаган абалда, жерге туташтыруучу чынжыры жок эксплуатациялоого тыюу салынат.

157. Көчмө АМКСтин технологиялык системасы резервуарлары жер үстүндө жайгашкан АМКСтин технологиялык системасына коюлуучу талаптарга жооп бериши керек, мында:

- көчмө АМКСтин резервуарынын дубал аралык мейкиндигинин герметикалуулугун үзгүлтүксүз автоматтык контролдоо системасы көчмө АМКСтин кыймылы учурунда да, ошондой эле токтоп турган кезинде да өзүнүн иштөө жөндөмдүүлүгүнүн сакталышын камсыз кылууга тийиш;
- көчмө АМКСтердин резервуарларынын сактагыч мембраналары көчмө АМКСтер оодарылып кетүүсү мүмкүн болгон учурда бошотуучу кесилиш аянтынын сакталышын камсыз кылуу менен механикалык бузулуулардан корголушу керек. Көчмө АМКСтердин резервуарларын сактагыч мембраналардын ордуна сактагыч клапандар менен жабдууга жол берилбейт;
- көчмө АМКСтин резервуарынын деаэрация линиясынын түтүк өткөргүчүнүн жогорку кесигинин бийиктиги транспорт каражаттары өтүүчү жолдордун деңгээлинен тартып аныкталат жана кеминде 2,5 м болууга тийиш;
- дем алдыруучу клапан көчмө АМКСтин резервуарынын үстүндө анын айланасындагы мейкиндиктин желдетилишин камсыз кылуу менен орнотулушу керек. Дем алдыруучу клапандын конструкциясы көчмө АМКС оодарылып кеткен учурда ал аркылуу күйүүчү майдын суюк фазасынын сыртка чыгышын болтурбоону камсыз кылууга тийиш.

158. Көчмө АМКСтин резервуарына келүүчү бардык түтүк өткөргүчтөр жогорку бөлүштүрүү менен гана аткарылышы керек. Кыска түтүктөрдүн, кароочу терезелердин, штуцерлердин ж.б. резервуар менен бириккен жерлери резервуар номиналдык толтурулган учурдагы күйүүчү майдын деңгээлинен жогору жайгашууга тийиш.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

159. МККлар көчмө АМКСтин резервуарынын арткы торцтук бөлүгүндө жайгашкан технологиялык бөлүмдө орнотулушу керек. Технологиялык бөлүм күйүүчү майдын аз өлчөмдөгү агып чыгууларын чогултуу үчүн түпкүч менен жабдылууга тийиш.

160. МККны электр энергиясы менен камсыздоо көз карандысыз булактан, же болбосо көчмө АМКСтин электр генераторунан же аккумуляторунан ишке ашырылышы керек. Технологиялык бөлүмдөн жана дем алдыруучу клапандан базалык автоунаанын газ чыгаруучу түтүгүнүн кыймылдаткыч бөлүмүнө, электр генераторлорго жана аккумуляторлорго чейинки аралык кеминде 3 м болууга тийиш.

161. Берүү линиясында толтуруучу түтүк өткөргүчтүн төмөнкү кесигинен кеминде 0,05 м жогору аралыкта резервуарга катуу бекитилип орнотулуучу чөмүлүүчү насосторду кароо сунушталат.

162. Аянтчада өрт чыккан учурда көчмө АМКСти коопсуз жерге эвакуациялоо зарыл. Көчмө АМКСти эвакуациялоо мүмкүн болбогон учурда же станциянын өзү өрттөнүп жатса май куюучу адам автотранспортко май куюуну дароо токтотуп, өрт өчүрүү командаңы чакырууга, өрттү өчүрүү боюнча чараларды көрүүгө жана болгон окуя жөнүндө көчмө АМКС таандык болгон уюмга билдирүүгө тийиш.

163. Көчмө АМКСти коопсуз эксплуатациялоо үчүн жооптуу адам коопсуздук техникасынын жана өрт коопсуздугунун абалына күнүмдүк контролду жүзөгө ашырат жана ушул Эрежелердин 25 жана 26-пункттарында көрсөтүлгөн жеке жоопкерчиликти тартат.

7- глава. Мунай продуктуларын кабыл алууга коюлган талаптар

164. Мунай продуктулары АМКСке автоунаа транспорту менен келип түшөт.

Мунай продуктуларын автоунаа транспорту менен ташуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 198 токтому менен бекитилген “Автомобиль транспорту менен кооптуу жүктөрдү ташуу эрежелеринин” талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

165. Мунай продуктуларын кабыл алуу ГОСТ 1510-2022, ГОСТ 32513-2023, ГОСТ 305-2013 боюнча жүргүзүлөт.

166. Мунай продуктуларын автоцистернадан резервуарга төгүү түйүнү аркылуу өз агымы менен же басым астында төгүлөт. АМКСтин резервуарларына мунай продуктуларын төгүү герметикалуу болушу керек. Кулап түшкөн агым менен төгүүгө жол берилбейт.

Төгүү түйүнү күйбөгөн материалдардан жасалган корголгон технологиялык кудукта жайгаштырылышы жана автоцистерналардан күйүүчү майды коопсуз кабыл алууну камсыз кылууга тийиш. Төгүү түйүнүнүн курамында жалындын таралышына тоскоолдук кылуучу түзүлүштөр, келип түшүүчү күйүүчү майды механикалык кошулмалардан тазалоочу жабдуулар ж.б. болушу керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

167. Мунай продуктуларын төгүүнү баштаардан мурун оператор төмөнкүлөргө милдеттүү:

- авариялык төгүлүп калуулардын резервуарына мунай продуктусун кабыл алуу үчүн задвижканы ачууга;

- автоцистерна үчүн аянтчадан тазалоочу курулмаларга жаан-чачын сууларын буруп кетүүчү түтүк өткөргүчтөгү задвижканы жабууга;

- мунай продуктуларын төгүүчү жерди өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыз кылууга;

- мунай продуктуларынын калуусун алдын алууга, кокусунан же авариялык түрдө төгүлүп калган мунай продуктуларынын мүмкүн болгон кесепеттерин локалдаштыруу (сорбенттин, кумдун ж.б. болушу) боюнча чараларды көрүүгө;

- мунай продуктусун төгүү үчүн аянтчага автоцистернаны орнотууну уюштурууга;

- автоцистернанын мунай базасынан жолдо жүрүү убактысын текшерүүгө жана АМКСке келген убактысын белгилөөгө;

- автоцистернанын оозундагы жана төгүүчү вентилиндеги (төгүүчү задвижкадагы) пломбалардын сакталышын жана шайкештигин текшерүүгө;

- автоцистернанын контролдук белгисине (планкага) чейин толтурулуу деңгээлин текшерүүгө. Суу сезгич лентаны же пастаны пайдалануу менен суунун жок экендигине ынанууга, үлгү алууга, андагы мунай продуктусунун температурасын жана тыгыздыгын өлчөөгө, товардык-транспорттук коштомо кагазда көрсөтүлгөн маалыматтардын (көлөмү, тыгыздыгы) автоцистернадагы мунай продуктусун контролдоодо алынган маалыматтарга шайкеш келерине ынанууга;

- технологиялык жабдуулардын, түтүк өткөргүчтөрдүн, резервуарлардын оң абалда экендигине, жабуучу арматуранын туура кошулганын жана ашып төгүлүүнү алдын алуучу түзүлүштүн оң абалда экендигине ынанууга;

- автоцистернадан мунай продуктусун толтурулуучу резервуарга төгүү аяктаганга чейин, ал резервуар менен байланышкан МКК аркылуу транспортко май куюуну токтотууга;

- резервуардагы мунай продуктусунун деңгээлин өлчөөгө жана көлөмүн аныктоого;

- мунай продуктуларын төгүүчү жерден 3 метр жакын аралыкта автотранспорттун кыймылына жол бербөө чараларын көрүүгө;

- айдоочунун аракеттерин контролдоого.

Айдоочунун аракеттери:

- автоцистернаны мунай продуктуларын төгүү аянтчасына орнотот;

- автоцистернанын кыймылдаткычын өчүрөт;

- автоцистернаны (чиркегичти) жерге туташтыруучу түзүлүшкө туташтырат;

- автоцистернанын технологиялык жабдууларынын (төгүүчү түзүлүштөрүнүн, төгүүчү жеңчелеринин, жерге туташтыргычынын) оң абалда экендигин контролдойт;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- автоцистернанын жеңчелерин төгүүчү түзүлүшкө туташтырат.

168. Мунай продуктуларын резервуарларга төгүүнүн жүрүшүндө жана ал аяктагандан кийин төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- резервуардын оозунан жана төгүүчү вентилден пломбаларды алуу;

- мунай продуктусунун үстүндөгү мейкиндикке атмосфералык абанын кирүүсү камсыз кылынгыдай деңгээлде резервуардын оозун ачуу;

- төгүүчү жеңчелердин жана кабыл алуучу түтүк өткөргүчтөрдүн толушу менен мүнөздөлгөн төгүүнүн башталышын аз чыгымдоо менен аткарып, түтүк өткөргүчтөр толгон сайын аны акырындык менен көбөйтүү;

- автоцистернадан мунай продуктуларын төгүүнү аткаруу;

- ашып кетүүгө же төгүлүп калууга жол бербестен, мунай продуктусун төгүүнүн жүрүшүнө жана анын резервуардагы деңгээлине туруктуу контролдукту камсыз кылуу;

- төгүү аяктагандан кийин оператор автоцистернадан жана төгүүчү жеңчелерден мунай продуктусу толугу менен төгүлгөндүгүнө жеке өзү ынанат;

- төгүүчү жеңчелерди ажыратуу;

- резервуардагы мунай продуктусу тунгандан жана тынчыгандан кийин (кеминде 20 мүнөттөн соң) деңгээлин өлчөөнү жүргүзүү жана градуирлөө таблицасы боюнча иш жүзүндө кабыл алынган продуктунун көлөмүн аныктоо;

- келип түшкөн мунай продуктуларын эсепке алуу журналына, нөөмөттүк отчетко жана товардык-транспорттук коштомо кагазына иш жүзүндө кабыл алынган мунай продуктусунун саны жөнүндө маалыматтарды киргизүү;

- мунай продуктусунун иш жүзүндө кабыл алынган саны (тонна менен) менен товардык-транспорттук коштомо кагазда көрсөтүлгөн санынын (тонна менен) ортосунда айырмачылык жок болгон учурда, коштомо кагазга кол коюулат, анын бир нускасы АМКСте калат, ал эми үч нускасы мунай продуктуларын жеткирген айдоочуга кайтарылып берилет. Келип түшкөн мунай продуктуларынын товардык-транспорттук коштомо кагазга шайкеш келбестиги аныкталган учурда үч нускада жетишпестик жөнүндө акт түзүлөт, анын биринчиси - нөөмөттүк отчетко тиркелет, экинчиси - мунай продуктуларын жеткирген айдоочуга тапшырылат, ал эми үчүнчүсү АМКСте калат. Мунай продуктусунун жетишпестиги жөнүндө товардык-транспорттук коштомо кагаздын бардык нускаларына тиешелүү белги коюлат.

169. Төмөнкү учурларда мунай продуктуларын кабыл алууну жүргүзүүгө тыюу салынат:

- АМКСтин техникалык жана технологиялык жабдуулары бузук болгондо;

- автоцистернанын төгүүчү түзүлүшү бузук болгондо;

- автоцистернанын жерге туташтыруучу түзүлүшү бузук болгондо;

- товардык-транспорттук документтер жок болгондо же алар туура эмес таризделгенде;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- чагылган түшүп күн күркүрөп жаткан учурда;

- мунай продуктусунда суу жана ар кандай түрдөгү кошулмалар болгондо;

- мунай продуктуларынын сапатын ырастоочу документтер шайкеш келбегенде же жок болгондо;

- автоцистернада мунай продуктусунун жетишпестиги аныкталганда.

170. АМКСте укуктары жана милдеттери көрсөтүлүү менен мунай продуктуларын кабыл алууга жана сактоого жооптуу адам дайындалат.

171. АМКСке мунай продуктуларынын келип түшүшүн жана кириштелишин контролдоо үчүн келип түшкөн мунай продуктуларын эсепке алуу журналы (4-тиркеме) жүргүзүлөт. Журналдын барактары номерленет жана мөөр менен бекитилет. Журналдагы барактардын саны АМКСтин жетекчисинин колу менен күбөлөндүрүлөт.

172. АМКСке мунай продуктуларын ташуучу автоцистерналар төмөнкүлөр менен жабдылат:

- өрт коопсуздугу боюнча колдонуудагы ченемдерге ылайык өрткө каршы шаймандар жана өрт өчүрүү каражаттары менен;

- катмарланып ажыроолору, жаракалары ж.б. жок май-бензинге туруктуу материалдардан жасалган төгүүчү жеңчелер менен;

- түтүк өткөргүчтөрдүн кабыл алуучу түзүлүштөрү менен герметикалуу туташууну камсыз кылуучу, учкун чыгарбоочу материалдардан жасалган учтуктары бар төгүүчү жеңчелер менен.

8-глава. Мунай продуктуларын сактоого карата талаптар

173. АМКСте мунай продуктулары ГОСТ 1510-2022 талаптарына жооп берген жер астындагы жана жер үстүндөгү металл резервуарларда сакталат.

174. АМКСтин техникалык жана технологиялык жабдуулары резервуарларда сакталуучу мунай продуктуларынын булганышын, аралашып кетишин, сууланышын, аларга атмосфералык жаан-чачындардын таасир этишин болтурбоону камсыз кылууга тийиш.

175. Резервуарларда бензиндерди сактоодо товар алдындагы суунун деңгээли сууну дренаждоо түзүлүшүнүн конструкциясы тарабынан камсыз кылынган минималдуу деңгээлден жогору болушуна жол берилбейт.

176. Мунай продуктуларын сактоо алардын жоготууларын кыскартуу жана мунай продуктусунун сапатын сактоо талаптарын эске алуу менен ишке ашырылат.

177. Таңгакталган мунай продуктуларды сактоо тартиби таранын сакталышын жана бүтүндүгүн кепилденген түрдө камсыз кылууга тийиш. АМКСтин жетекчиси таңгакталган мунай продуктулардын сакталышын жана таранын бүтүндүгүн күн сайын контролдоого милдеттүү.

178. Майда тарада тез от алуучу суюктуктарды 5 суткалык соода үчүн зарыл болгон көлөмдө сактоого уруксат берилет. Соода залындагы

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

(оператордук бөлмөдөгү) автотранспорт үчүн техникалык суюктуктардын запастары жыйырма таңгакталган бирдиктен ашпоого тийиш.

9-глава. Мунай продуктуларын берүүгө талаптар

179. Автоунааларга жана башка транспорт каражаттарына май куюу МКК аркылуу гана жүргүзүлөт.

180. АМКСте транспорт каражаттарына май куюуда төмөнкү эрежелер сакталууга тийиш:

- оператор транспорт каражаттарынын жайгашуусун контролдойт. Май куюуну күтүп турган транспорт каражаттарынын жайгашуусу аларды АМКСтин аймагынан авариялык эвакуациялоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек;

- транспорт каражатына май куюу жалпы кезек тартибинде ишке ашырылат. Кезексиз тейлөө атайын автотранспорт (тез жардам, милиция, өрткө каршы кызмат, газ чарбасынын авариялык кызматтары), жеңилдетилген категориядагы жарандар башкарган автоунаалар үчүн каралган;

- май куюу учурунда май куюлуп жаткан автоунаанын кыймылдаткычы өчүрүлөт;

- мотоциклдерди жана мотороллерлерди МККга кыймылдаткычтарын өчүргөн абалда алып келүү зарыл. Кыймылдаткычтарды өчүрүүнү жана иштетүүнү МККдан 15 метрден жакын эмес аралыкта жүргүзүү керек;

- автоунаалар МККга өз жүрүшү менен келүүгө тийиш;

- май куюлгандан кийин кыймылдаткычтарды иштеткенге чейин автоунаалардын, мотоциклдердин жана мотороллерлердин булганган же кокусунан мунай продуктулары чачыраган бөлүктөрү айдоочулар тарабынан кургата сүртүлүшү керек;

- жерге кокусунан же авариялык түрдө төгүлгөн мунай продуктуларына токтоосуз түрдө кум себилип, андан кийин атайын бөлүнгөн контейнерлерге (идиштерге) чыгарылып салынууга тийиш;

- май куюлуп жаткан автоунаа менен анын артында турган автоунаанын ортосундагы аралык 3 метр болушу керек, кезекте турган бардык кийинки автоунаалардын ортосунда 1 метрден кем эмес аралык сакталууга тийиш;

- май куюуда транспорт каражаттары МКК жайгашкан аймакта, авариялык кырдаалдар келип чыккан учурда май куюуну токтотуу жана аларды коопсуз жерге дароо эвакуациялоо мүмкүнчүлүгү болгудай түрдө, жайгашууга тийиш;

- автобустарга май куюунун алдында жүргүнчүлөр АМКСтин аймагынан тышкары жерде салондордон чыгып, коопсуз жерге барышат.

181. АМКСтин оператору мунай продуктуларын берүү учурунда:

- автотранспорт каражаттарына май куюу эрежелеринин аткарылышына туруктуу контролду камсыз кылат;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

- май куюлуп жаткан транспорттун айдоочусунан транспорт каражаттарына май куюу эрежелерин жана АМКСтин аймагында болуу учурундагы жүрүм-турум эрежелерин аткарууну талап кылат;

- МККнын ишин туруктуу көзөмөлдөйт;

- транспорт каражаттарына май куюучу жерлерди визуалдык түрдө көзөмөлдөп, мунай продуктуларынын төгүлүп калуусун алдын алат, жана жоюу боюнча чараларды көрөт;

- транспорт каражаттарынын айдоочулары жана жүргүнчүлөрү тарабынан өрт коопсуздугунун эрежелеринин сакталышын камсыз кылат.

182. Автотранспортко май куюуда мунай продуктуларынын төгүлүп кетишине жана ашып төгүлүшүнө жол берилбеши керек.

183. Бензинди полиэтилен канистрлерге жана айнек тарага берүүгө тыюу салынат.

184. АМКСте учкун өчүргүчтөрү жок резина тамандуу тракторлорго, чынжыр тамандуу тракторлорго, жүргүнчүлөрү бар автоунааларга (жеңил автоунаалардан тышкары) май куюуга жол берилбейт.

Кооптуу жүктөр жүктөлгөн транспорт каражаттарына май куюу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 198 токтому менен бекитилген “Автомобиль транспорту менен кооптуу жүктөрдү ташуу эрежелеринин” талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

10-глава. Металл конструкцияларын коррозиядан коргоо

185. Жер астындагы резервуарлардын жана түтүк өткөргүчтөрдүн сырткы бетин коррозиядан коргоо ГОСТ 9.602-2016 жана КМС ГОСТ Р 51164:2021 ылайык жабуулар жана электр-химиялык коргоо каражаттары (катоддук поляризация) менен ишке ашырылат.

186. АМКСтин резервуарларынын ички беттерин коррозиядан коргоону май-бензинге туруктуу ХС-717 жана ХС-5132 жабуулары же металл-коргоочу жабуулар менен ишке ашыруу сунушталат:

- цинк (калыңдыгы 0,1 мм);

- алюминий (калыңдыгы 0,2 мм).

187. АМКСтин жер үстүндөгү резервуарларынын сырткы бетин коргоо алдын ала грунттоо жүргүзүлгөн бетке жылуулукту чагылдыруучу эмалдарды кеминде 2 катмар кылып сүйкөө аркылуу ишке ашырылат.

188. Металл түтүк өткөргүчтөрдүн жер үстүндөгү (жерден жогору турган) тилкелерин коррозиядан коргоо ГОСТ 32569-2013 жана КР КЭ 22-105:2026 талаптарына ылайык камсыз кылынат.

189. Жер астындагы жана жер үстүндөгү резервуарларды жана түтүк өткөргүчтөрдү коррозиядан коргоо боюнча иштерди аткарууда КР КЭ 22-104:2024 жана КР КЭ 22-105:2026 талаптарын жетекчиликке алуу зарыл.

190. Жабууларды сүйкөөдөн мурун беттерди даярдоо боюнча иштер ГОСТ 9.402-2004 боюнча аткарылат.

191. Металлизациялоонун алдында беттерди тазалоо кум чачуучу же бытыра чачуучу орнотмолордун жардамы менен ишке ашырылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

192. Жер астындагы курулмалардын коргоочу жабууларынын абалын ГОСТ 9.602-2016 жана КМС ГОСТ Р 51164:2021 ылайык контролдоо зарыл.

11-глава. Айлана-чөйрөнү коргоо

193. АМКСтеги айлана-чөйрөнү булгоочу булактар болуп бекитүүчү арматуралардын, фланецтик жана муфталык бирикмелердин, ширетилген тигиштердин тыгыз эместигинен улам мунайзаттардын агып чыгышы, резервуарлардын жана түтүк өткөргүчтөрдүн коррозиялык бузулуулары, резервуарларды жана түтүк өткөргүчтөрдү тазалоодон чыккан калдыктар, мунай продуктуларынын төгүлүшү, ошондой эле автотранспорт каражаттарынын түтүн газдары эсептелет.

194. АМКСте мунай продуктуларынын буулануышын азайтуу жана айлана-чөйрөнү булгоону алдын алуу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу керек:

- резервуарларды, технологиялык жабдууларды жана түтүк өткөргүчтөрдү толугу менен техникалык жактан оң абалда кармоо. Алардын герметикалуулугун камсыз кылуу;
- дем алуу клапандарын техникалык жактан оң абалда кармоо, аларга өз убагында техникалык тейлөө жана тиешелүү жөндөөлөрдү жүргүзүү;
- төгүүчү жана өлчөөчү түзүлүштөрдүн, байкоо жана агызуу кудуктарынын люктарынын герметикалуулугун камсыз кылуу, анын ичинде мунай продуктуларын сактоо процессинде аларды агызуу операцияларын жүргүзүүдө да;
- автоцистерналардан мунай продуктуларын агызууну герметикалык тез ажыратылуучу муфталарды (автоцистернада жана АМКСтин резервуарында) колдонуу менен гана жүзөгө ашыруу;
- резервуарларды толтурууда жана автотранспортко май куюуда мунай продуктуларынын ашыкча куюлуп кетүүсүнө жана төгүлүп калышына жол бербөө;
- бензин сакталган резервуарларды газ түтүктөрүн туташтыруу тутуму менен жабдуу;
- резервуарларды жана МККларды бензин буларын кармоо (чыгаруу), рекуперациялоо системалары (орнотмолору) менен жабдуу;
- эсептөө-дозалоочу түзүлүштөрдү, ашыкча куюлуп кетүүнү алдын алуучу түзүлүштөрдү, төгүү процессинин герметикалуулугун камсыз кылуучу системаларды, агызылып жаткан мунай продуктуларынын санын массалык (көлөмдүк) бирдиктерде автоматтык түрдө өлчөөчү системаларды, ошондой эле төгүү операциясы аяктагандан кийин түтүк өткөргүчтүн түзүлүштөрүн оң абалда кармоо.

195. Ашыкча толтуруп куюдан улам мунай продуктуларынын жоготууларын болтурбоо үчүн, белгиленген деңгээлге жеткенде же коммуникациялар ажырап кеткенде мунай продуктуларынын берилишин автоматтык түрдө токтотуучу төгүүчү түзүлүштөрдү колдонууга тийиш.

196. АМКС аймагында айланадагы абанын газдалышын мезгил-мезгили менен текшерип туруу зарыл. Үлгүлөрдү алуу жана талдоо ГОСТ

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

12.1.005-88 талаптарына ылайык жүргүзүлөт. Турак жай аймактары үчүн бензин бууларынын ЧЖК (чектүү жол берилген концентрациясы) мг/м³ түзөт - орточо суткалык - 1,5, эң жогорку бир жолку - 5.

197. АМКСтин бүт аянтынан жаан-чачындуу сууларды чогултуу жамгыр канализация тармагын төшөө же агындыларды тазалоочу курулмаларга багыттоо үчүн аймакка тийиштүү эңкейиштерди түзүү аркылуу камсыз кылынат.

АМКСтер тазалоочу курулмалар менен жабдылат. Тазалоочу курулмалардын курамы жана өндүрүштүк агынды сууларды тазалоонун зарыл сапаты аларды төгүүчү жерди эске алуу менен негиздемеленет.

198. Чыпкалоочу материалдарды алмаштыруу, ошондой эле тазалоочу курулмалардан тосуп алынган мунай продуктуларын жана чөкмөлөрдү чыгаруу, чектүү жол берилген төгүүлөрдүн белгиленген нормативдеринин сакталышына жараша, зарыл болгон учурда жүргүзүлөт.

199. Кыш мезгилинде, суунун температурасынын төмөндөшүнөн улам тазалоо процесстери жайлаган учурда, тазалоочу курулмалардын ишин контролдоо туруктуу болушу керек.

200. Тазалоочу курулмаларда жүргүзүлгөн бардык өзгөртүүлөр жөнүндө АМКСтин паспортуна жазуу жүргүзүү зарыл.

201. Мунай продуктуларынын агып кетүүсү, жоготууга учуроого мүмкүн болгон аймакта АМКСтин территориясы катуу, суу өткөрбөс, периметри боюнча бийиктиги 200 мм болгон бордюр менен тосулган төшөлмө менен капталышы керек. Территория лотокторго же кудуктарга карай эңкейиш болушу керек. Территориянын төшөлмөсү мунай продуктуларынын төгүлүп калгандарын атайын каражаттар менен максималдуу эффективдүү чогултууну жана топуракты, жер астындагы сууларды мунай продуктулары менен булгануудан коргоону камсыз кылган материалдардан жасалышы керек.

Лотоктор гидравликалык же башка типтеги тосмолор аркылуу чогултуучу кудуктарга (чуңкурларга) карай эңкейиш болушу керек.

АМКСтин аянты автоцистернанын күйүүчү май куюлган идишинин герметикалуулугу бузулган учурда мунай продуктуларынын авариялык агып кетишин мүмкүн болушунча максималдуу кармоо боюнча инженердик түзүлүштөр (курулуштар) менен жабдылышы керек.

202. Авариялык идиштин көлөмү АМКСке мунай продуктуларын жеткирүүчү автоцистернанын номиналдык сыйымдуулугунан чоңураак каралат.

203. Төгүлгөн мунай продуктуларын чогултуу үчүн ар бир станцияда мүмкүн болгон эң чоң төгүлүүнүн кесепеттерин жоюуга жетиштүү сорбенттин запасы болушу керек.

Төгүлгөн мунай продуктуларын чогултуу үчүн АМКСтин аймагында атайын контейнерлерде жайгаштырылган кумду колдонууга уруксат берилет.

204. Топуракка төгүлгөн мунай продуктуларын, мунай продуктулары топуракка сиңген терең диктен 1-2 см ашык терең диктө топуракты

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

катмарын алуу менен дароо тазалоо керек. Алынган топурак атайын жабдылган контейнерге чыгарылат, пайда болгон чуңкур жаңы топурак же кум менен толтурулушу керек.

12-глава. Өрткө каршы чаралар

205. АМКСти эксплуатациялоодо ушул Эрежелерди, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы № 251 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелерин” жана КР КЧ 21-02:2018 жетекчиликке алуу зарыл.

206. АМКС объектилерин жарылуу-өрт коопсуздугу боюнча классификациялоо КР КЧ 21-01:2018 ылайык аныкталат.

207. АМКСтин бардык өндүрүштүк, жардамчы аймактары жана жайлары белгиленген ченемдер боюнча өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыз кылынышы керек.

208. Өрт өчүрүүчү каражаттар дайыма оң абалда жана дароо колдонууга даяр болушу керек. Өрткө каршы инвентарды жана жабдууларды максатсыз колдонууга катуу тыюу салынат.

209. АМКСтер типтүү долбоорлорго ылайык санитардык-тиричилик жайларына ээ болушу керек.

210. АМКСтин жайында убактылуу электр зымдарын, электр мештерин, рефлекторлорду жана ачык жылытуучу элементтери бар башка электр приборлорду колдонууга тыюу салынат.

211. АМКС операторуна электр жабдуулары менен кандайдыр бир иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

212. Кабелдик чуңкурлар, түтүк өткөргүчтөрү бар патрондор, лотоктор, кудуктар, түтүкчөлөрдүн тарамдары жана буу топтолушу мүмкүн болгон башка жерлер кум менен толтурулушу керек.

213. АМКС аймагында от менен байланышкан жана газ коркунучу бар иштер (резервуарларды тазалоо) уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилген От менен байланышкан жана газ коркунучу бар иштерди жүргүзүү боюнча нускаманын талаптарына ылайык, АМКС жетекчиси тарабынан берилген жазуу жүзүндөгү уруксаттын негизинде жүргүзүлүүгө тийиш.

214. АМКС аймагында техникалык максаттарда казылган аңдар жана чуңкурлар тосулуп, иш аяктагандан кийин дароо толтурулушу керек.

215. Чагылган учурунда АМКС аймагында мунай продуктуларын резервуарларга төгүүгө жана автотранспортко май куюуга тыюу салынат.

216. АМКС имараттары жана курулуштары ченемдик документтердин талаптарына ылайык, чагылгандын түз соккусунан, электростатикалык жана электромагниттик индукциядан, ошондой эле жогорку потенциалдардын киришинен корголушу керек.

217. Чагылгандан коргоочу түзүлүштөр жылына кеминде 1 жолу текшерилип турушу керек. Ошол эле учурда жерге туташтыруучу түзүлүштүн каршылыгын өлчөө керек, ал эми өлчөөлөрдүн жана

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

текшерүүлөрдүн жыйынтыктары чагылгандан коргоочу түзүлүштөрдү эксплуатациялоо журналына жазылышы керек.

218. 1000 В чейинки чыңалуудагы электр орнотмолору жерге туташтыруучу жана нөлдүк коргоочу өткөргүчтөрү 1-таблицада келтирилгендерден кем эмес өлчөмдө болушу керек.

1-таблица

Жерге туташтыруучу жана нөл коргоочу өткөргүчтөрдүн эң кичинекей өлчөмдөрү

Жерге туташтыруучу жана нөлдүк коргоочу өткөргүчтөр	Жез	Алюминий	Болот		
			имарат-тарда	сырткы орнотмо-лордо	жерде
Изоляцияланбаган өткөргүчтөр: - кесилишинин аянты, мм^2 - диаметри, мм	4 -	6 -	- 5	- 6	- 10
Изоляцияланган зымдар: - кесилишинин аянты, мм^2	1,5(*)	2,5	-	-	-
Кабелдердин жана фазалык өзөктөрү менен жалпы коргоочу кабыкчасындагы көп өзөктүү зымдардын жерге туташтыруучу жана нөл өзөктөрү: - кесилишинин аянты, мм^2	1	2,5	-	-	-
Бурчтук болот: - текченин калыңдыгы, мм	-	-	2	2,5	4
Тилке болот: - кесилишинин аянты, мм^2 - калыңдыгы, мм	- -	- -	24 3	48 4	48 4
Суу-газ өткөргүч түтүктөр (болоттон): - дубалынын калыңдыгы, мм	-	-	2,5	2,5	3,5
Жука капталдуу түтүктөр (болоттон): - дубалынын калыңдыгы, мм	-	-	1,5	2,5	колдонулбайт

(*) Зымдарды түтүктөрдүн ичинен тартууда, фазалык өткөргүчтөр бирдей кесилиш аянтына ээ болсо, 1 мм^2 кесилиш аянты бар нөл коргоочу өткөргүчтөрдү колдонууга уруксат берилет.

219. Нейтралы туюк жерге туташтырылган 1000 В чейинки чыңалуудагы электр орнотмолорунда трансформаторлордун нейтралдары же бир фазалуу токтун булагынын чыгыштары туташтырылган жерге туташтыруучу түзүлүштүн каршылыгы, үч фазалуу ток булагынын 380 жана 220 В сызыктуу чыңалууларында же бир фазалуу ток булагынын 220 жана 127 В чыңалууларында жылдын кайсы мезгилинде болбосун тиешелүү түрдө 4 жана 8 Омдон ашпоого тийиш. Трансформатордун нейтралына же бир фазалуу ток булагынын чыгышына түздөн-түз жакын жайгашкан жерге

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

туташтыргычтын каршылыгы, көрсөтүлгөн чыңалууларда тиешелүү түрдө 30 жана 60 Омдон ашпоого тийиш.

220. Нейтралы обочолонгон 1000 В чейинки чыңалуудагы электр орнотмолорунда жерге туташтыруучу түзүлүштүн каршылыгы 4 Омдон ашпоого тийиш. Трансформаторлордун кубаттуулугу 100 кВА жана андан аз болгондо, жерге туташтыруучу түзүлүштөр 10 Омдон ашпаган каршылыкка ээ болушу мүмкүн.

221. Коргоочу каражаттарды эксплуатациялоодо 2-таблицада келтирилген эксплуатациялык электрдик сыноолордун ченемдери жана мөөнөттөрү сакталышы керек. Коргоочу каражаттарды эсепке алуу жана күтүү үчүн форма боюнча журнал (10-тиркеме) жүргүзүү зарыл.

2-таблица

Коргоочу каражаттарды электрдик сыноолордун ченемдери жана мөөнөттөрү

Коргоочу каражаттар	Электр орнотмолорунун жана линиялардын чыңалуусу, кВ	Сыноо чыңалуусу, кВ	Сыноо мөөнөтү, мин.	Буюм аркылуу өткөн ток, мА, мындан көп эмес	Мезгил-дүүлүк
1000 В чейинки чыңалуу көрсөткүчтөрү: - күйгүзүү чыңалуусу - корпустардын жана туташтыруучу зымдын изоляциясы	 1ге чейин 0,5ке чейин 0,66га чейин	 0,09 1 2 өйдө эмес	 - 1 1	 - - -	 12 айда 1 жолу
Резина диэлектрдик кол каптар	бардык чыңалуулар	6	1	6	6 айда 1 жолу
Резина диэлектрдик өтүк	бардык чыңалуулар	15	1	7,5	36 айда 1 жолу
Резина диэлектрдик көлөчтөр	1ге чейин	3,5	1	2	12 айда 1 жолу
Резина диэлектрдик килемдер	бардык чыңалуулар	ГОСТ 4997-75 ылайык			
Изоляциялоочу жабуулар: - катуу - резина	 1ге чейин 1ге чейин	 2 2	 1 1	 - 6	 24 айда 1 жолу
Изоляциялоочу кычкачтар	1ге чейин	2	5	-	24 айда 1 жолу
Электр өлчөөчү кычкачтар	0,66га чейин	2	5	-	24 айда 1 жолу
Изоляцияланган туткалары бар слесардык-монтаждык аспап	1ге чейин	2	1	-	12 айда 1 жолу

Эскертүүлөр:

1. Бардык коргоочу каражаттарды мезгил-мезгили менен кароо мөөнөтүнө карабастан, колдонуунун алдында кароо зарыл.

2. Изоляциялоочу бөлүгү фарфордон жасалган изоляциялоочу штангаларды жана электр өлчөөчү кычкачтарды сыноо узактыгы 1 мүнөткө чейин кыскартылышы мүмкүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

3. Чыңалуу астында иштөө үчүн колдонулуучу изоляциялоочу штангаларды тиешелүү чыңалуудагы изоляциялоочу штангалар үчүн белгиленген ченемдер боюнча жана мөөнөттөрдө сыноодон өткөрүү керек.

4. Эксплуатациялоо процессинде резина диэлектрдик килемдер сыноого дуушар болбойт, алар кароо учурунда жарактан чыгарылат. Килемдерди кирден тазалап жана 6 айда 1 жолудан кем эмес текшерүү керек. Тешилген, айрылган сыяктуу кемчиликтер табылганда, аларды жаңыларына алмаштыруу керек.

222. Дем алуу клапандары жана от тоскуч сактагычтары бузук болгон ачык түстөгү мунай продуктуларын сактоочу резервуарларды эксплуатациялоого жол берилбейт.

223. АМКСтеги төгүү жайлары автоцистернаны жерге туташтыруучу түзүлүштөр менен жабдылышы керек. Жерге туташтыруучу түзүлүш жарылуу коркунучу бар зонадан тышкары орнотулушу керек.

224. Төгүүчү жеңдердин учтуктары учкун чыгарбаган металлдан жасалып, жерге туташтырылышы керек.

225. Автоцистерналар куюп түшүрүү учурунда жерге туташтыруучу түзүлүшкө туташтырылышы керек. Ийилчээк жерге туташтыруучу өткөргүч автоцистернанын корпусуна туруктуу туташтырылып, учунда жерге туташтыруучу түзүлүшкө кошуу үчүн струбцинасы же болтко ылайыкталган учтугу бар болушу керек. Инвентардык өткөргүч болгон учурда, жерге туташтырууну төмөнкү тартипте жүргүзүү зарыл: жерге туташтыруучу өткөргүч алгач цистернанын корпусуна, андан кийин жерге туташтыруучу түзүлүшкө туташтырылат. Жерге туташтыруучу өткөргүчтөрдү автоцистерналардын сырдалган жана кирдеген металл бөлүктөрүнө туташтырууга жол берилбейт.

226. Жерге туташтыруучу түзүлүштөрдөгү ток өткөргүчтөрдүн бардык туташуулары ширетилген болушу керек.

227. Түтүк өткөргүчтөр мунай продуктуларынын мүмкүн болгон агып кетүүсүн контролдоо үчүн резервуарлардын кудуктарына чыгуучу жантайыңкы абалда төшөлүүгө тийиш.

228. Лотоктордогу түтүк өткөргүчтөрдүн туташуулары ширетүү жолу менен гана аткарылышы керек.

229. АМКС кызматкерлери үчүн уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилген коопсуздук техникасы боюнча нускама иштелип чыгышы керек. Нускама мунай базаларын жана АМКСтерди эксплуатациялоодогу коопсуздук техникасы жана өнөр жай санитариясы боюнча, өрт коопсуздугу боюнча ченемдик актылардын жана ушул Эрежелердин негизинде иштелип чыгат.

230. АМКСте өрт өчүрүү максатында төмөнкүлөрдү кароо зарыл:

- өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарын;
- өрт өчүрүүнүн стационардык орнотмолорун;
- тышкы өрткө каршы суу түтүгүн же суу сактагычтарды.

Өрт өчүрүү каражаттарына карата талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

№ 251 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелеринде” жана КР КЧ 21-02:2018 аныкталган.

231. АМКСтин имарат жайлары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы № 251 токтому менен бекитилген “Өрттү автоматтык түрдө аныктоо жана өчүрүү системалары менен корголууга жаткан имараттардын, курулмалардын, жайлардын жана жабдуулардын тизмегине” ылайык, өрт сигнализациясы жана өрт өчүрүүнүн автоматтык орнотмолору менен жабдылууга тийиш.

232. Өрт коопсуздугу боюнча зарыл болгон иш-чараларды жүргүзүү үчүн жоопкерчилик АМКСтин башчысына жана АМКСтеги өрт коопсуздугуна жооптуу адамга жүктөлөт.

13-глава. Эмгекти коргоо

233. АМКСтин бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 12-майындагы № 01-7/239 буйругу менен бекитилген “Өнөр жай коопсуздугу жаатында ишканалардын адистерин даярдоо жана аттестациялоо боюнча иштерди уюштуруу жөнүндөгү жобого” жана “Өнөр жай коопсуздугу жаатында ишканалардын жумушчуларын окутуу жана алардын билимин текшерүүнү уюштуруу жөнүндөгү жобого” ылайык коопсуздук боюнча инструктаждардан, конкреттүү жумуш ордунда стажировкадан, окуудан жана билимдерин текшерүүдөн өтүүгө тийиш.

234. АМКСтин бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-майындагы № 225 токтому менен бекитилген “Кызматкерлерди ишке кирүүдө милдеттүү түрдө алдын ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өткөрүү жөнүндө нускамага” жана “Иштөөдө кызматкерлердин алдын ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүшү милдеттүү болгон зыяндуу заттардын жана жагымсыз өндүрүштүк факторлордун тизмесине” ылайык жумушка кирүүдө алдын ала медициналык кароодон жана мезгил-мезгили менен медициналык кароолордон өтүүгө тийиш.

235. АМКС кызматкерлери белгиленген тартипте бекитилген эмгекти коргоо боюнча нускамалар менен камсыз кылынат.

Нускамалар эмгекти коргоо боюнча типтүү нускамалардын, жабдууларды даярдоочу ишканалардын эксплуатациялык жана оңдоо документтеринин, конкреттүү технологиялык процесстердин негизинде айрым кесиптер үчүн да, ошондой эле айрым иш түрлөрү үчүн да иштелип чыгат.

236. АМКСтин ар бир кызматкери кызматтык нускама менен журналга кол коюу аркылуу тааныштырылууга тийиш.

237. Коопсуздук техникасы жана өрт коопсуздугу боюнча нускамалар АМКСтин оператордук бөлмөсүндө көрүнүктүү жерде илинип турууга тийиш.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026 Кол койгон: Токтобаев А.Т.

238. Бардык кызматкерлер өздөрүнө жүктөлгөн милдеттердин көлөмүндө колдонуудагы нускамаларды, эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу эрежелерин билүүгө жана аткарууга тийиш.

239. АМКСтин кызматкерлери өздөрү байкаган жабдуулардын, механизмдердин, шаймандардын жана аспаптардын бузулуулары жана оң эместиги, мунай продуктуларынын жана алардын бууларынын агып чыгышы, эрежелердин жана нускамалардын бузулушу жөнүндө өздөрүнүн түздөн-түз жетекчилигине билдиришет.

240. АМКСтин кызматкерлери белгиленген тизмелерге жана ченемдерге ылайык жеке коргонуу каражаттары, атайын кийим, атайын бут кийим жана зарыл учурда атайын шаймандар менен камсыз кылынат (ГОСТ 12.4.011-89, ГОСТ 12.4.310-2016, ГОСТ 12.4.103-2020).

241. АМКСте колдонулуучу электр тогунан жабыркоодон коргоо каражаттары белгиленген ченемдерге ылайык мезгил-мезгили менен сыноодон өткөрүлүп турушу керек.

Иштебей калган коргонуу каражаттарын жана сактоочу шаймандарды колдонууга уруксат берилбейт.

242. АМКСтин бардык персоналы кырсыкка учураганда жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүү ыкмаларына окутулат.

243. АМКСти эксплуатациялоого байланышкан ар бир кызматкер ушул Эрежелердин талаптарынын сакталышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
1-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____
(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____
(жетекчинин аты-жөнү)
«__» _____ 20__ ж.

Автоунаа май куюучу станциянын
ПАСПОРТУ

_____

_____
(АМКСтин № же аталышы; АМКСтин ээси болгон
уюмдун уюштуруу-укуктук формасы жана аталышы)

Паспортту түздү:

_____ _____
(жооптуу адамдын кызмат орду, аты-жөнү) (кол тамгасы)

Түзүлгөн күнү: «___» _____ 20__ ж.

Паспортту толтуруу боюнча көрсөтмө: АМКСке паспорт АМКСтин долбоордук-техникалык документтеринин, технологиялык, энергетикалык жабдуулардын формулярларынын жана паспортторунун негизинде түзүлөт. Паспорттогу жазууларды так жана оңдоолорсуз жүргүзүү керек. Паспорттун бардык бөлүмдөрүндөгү бардык суроолорго толук жооп берилиши керек.

АМКС жөнүндө жалпы маалымат

АМКСтин ээси болгон уюмдун юридикалык дареги _____
_____

_____
Байланыш телефону _____
Ижарачы (АМКС ижарага алынган учурда толтурулат) _____

_____
(уюмдун уюштуруу-укуктук формасы жана аталышы)

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

АМКСтин почта дареги _____
_____
_____

АМКСтин ишке киргизилген жылы _____
Жерди пайдалануу жөнүндө документтин аталышы, документтин берилген күнү, документти берген органдын аталышы _____
_____

АМКСти капиталдык ондоо жана реконструкциялоо

Күнү	Иштердин мазмуну

Имараттардын жана курулуштардын мүнөздөмөсү

№	Имараттардын жана курулуштардын аталышы, алардын кыскача мүнөздөмөсү	Аянты, $м^2$	Жарылуу- жана өрт кооптуулугу боюнча категориясы	Коркунуч классы
1	2	3	4	5

Электр менен камсыздоо

Электр менен камсыздоо булактары: _____
_____
Электр менен камсыздоонун автономдуу булактары: _____
_____

Электр энергиясын керектөөчүлөрдүн белгиленген кубаттуулугу, кВт.

Электр керектөөчүнүн аталышы	Белгиленген кубаттуулук, кВт.	Эскертүү
1. Технологиялык күч жабдуулары		
2. Көмөкчү күч жабдуулары		
3. Сырткы жарыктандыруу		
4. Ички жарыктандыруу		
5. Жылытуу		
6. Башкалар:		

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Жылуулук менен камсыздоо

Жылуулук алуу булактары: _____
_____
Жылуулукту алып жүрүүчүнүн мүнөздөмөсү: _____
_____

Суу менен камсыздоо

Суу менен камсыздоо булактары: _____
_____
Сууну пайдалануунун мүнөздөмөсү: _____
_____

Вентиляция

№	Вентиляциялык орнотмолор, түрү, маркасы	Орнотуу орду	Максаты (киргизүүчү, чыгаруучу, киргизүүчү-чыгаруучу)	Орнотмонун өндүрүмдүү-лүгү, $м^3$	Желдеткич-тердин саны
1	2	3	4	5	6

Канализация

Кошулуу жери _____
Канализациянын мүнөздөмөсү:
- өнөр жай-жаан-чачындык _____
- чарбалык-тиричилик _____

Тазалоочу курулмалар

Тазалоочу курулмалардын кыскача мүнөздөмөсү: _____
_____

АМКС жабдуулары

Май куюучу колонкалар (МКК)

Модели, системасы	Өндүрүүчү завод (фирма)	Өндүрүмдүү-лүгү, л/мин.	Посттордун саны, даана	Инв. №	Орнотул-ган жылы	Эскертүү
1	2	3	4	5	6	7

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Резервуарлар

Технологиялык схема боюнча резервуардын №	Инв. №	Орнотуунун мүнөзү (жер үстүндөгү, жер астындагы)	Номиналдык сыйымдуулугу, $м^3$	Орнотулган жылы	Коррозияга каршы жабуунун болушу	Бир же эки каттуу / Толтургуч-тун түрү
1	2	3	4	5	6	7

Жабдууларды капиталдык оңдоо

Күнү	Жабдууларды оңдоонун жана дефектоскопиянын аталышы

АМКСтин паспортуна өзгөртүүлөр

Күнү	Бөлүмдүн жана бөлүмчөнүн аталышы	Болгон өзгөрүүлөрдүн сүрөттөлүшү

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
2-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____
(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____
(жетекчинин аты-жөнү)
«__» _____ 20__ ж.

АМКСтин резервуарына
ТЕХНИКАЛЫК ПАСПОРТ

Технологиялык схема боюнча резервуардын № _____
Резервуардын инвентардык № _____
Резервуардын (секциялардын) номиналдык сыйымдуулугу _____
Бийиктик трафарети _____
Резервуардын колдонуу максаты _____
(сакталган мунай продуктусу)
Жайгашуу түрү _____
(жер үстүндөгү, жер астындагы)
Резервуардын формасы _____
(горизонталдык цилиндрдик, вертикалдык цилиндрдик, тик бурчтук ж.б.)
Резервуардын түбүнүн формасы _____
(жалпак, сфералык, конустук, кесилген-конустук)
Резервуардын салмагы _____
Конструктивдик өзгөчөлүктөрү _____
(бир секциялуу, көп секциялуу ж.б.)
Орнотулган күнү _____
Фирма, даярдоочу завод _____
Заводдук номери _____
Чыгарылган күнү _____
Паспорттун түзүлгөн күнү «__» _____ 20__ ж.

Эскертүү: Паспортту туура жана өз убагында толтуруу, кармоо жана сактоо үчүн АМКСтин ээси болгон уюмдун жетекчиси жоопкерчилик тартат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Геометриялык өлчөмдөрү

Резервуардын түз бөлүгүнүн узундугу _____
Курлардын саны _____
Секциялардын саны _____
Резервуардын ички диаметри _____
Резервуардын дубалдарынын металлынын калыңдыгы _____
Резервуардын түбүнүн металлынын калыңдыгы _____
Резервуардын оозунун орнотуу тереңдиги _____
Резервуардын оозунун бийиктиги _____
Резервуардын ички тетиктеринин көлөмү же геометриялык ченемдери _____
Резервуардын пайдубалынын мүнөздөмөсү _____
Мунай продуктуларын жылытуучу түзүлүштүн мүнөздөмөсү _____

Резервуар

Технологиялык схема боюнча резервуардын (секциянын) №	Резервуардын (секциянын) көлөмү, $м^3$	Сакталган продуктунун аталышы	Мунай продуктунун максималдуу деңгээли, см	Мунай продуктунун минималдуу деңгээли, см	Ишке киргизүү учурундагы бийиктик трафарети см	Деңгээлди өлчөөчү каражат, өлчөөчү система	Дем алуу клапанынын түрү	Жалын тоскуч-тун түрү
1	2	3	4	5	6	7	8	9

Резервуарды тазалоо боюнча маалымат

Тазалоо күнү	Иштерди аткаруучу	Тазалоонун жыйынтыгы	Текшерүүчүнүн колу

Резервуарды жана резервуардык жабдууларды оңдоо жөнүндө маалымат

Оңдоо датасы	Резервуардын, резервуардык жабдуулардын аталышы	Оңдоо иштерин аткаруучу	Текшерүүчүнүн колу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Резервуардын базалык бийиктиги

Базалык бийиктикти өлчөө күнү	20__ ж.	20__ ж.	20__ ж.	20__ ж.	20__ ж.	20__ ж.	20__ ж.	20__ ж.
Базалык бийиктиктин маанизи, мм								

Резервуардын жантаюу бурчу жана «өлүк калдыгынын» көлөмү

Өлчөө күнү	Метроштоктун түбү менен тийген чекиттин жана репердик чекиттердин ортосундагы аралык, см	Репердик чекиттердин көрсөткүчтөрүнүн айырмасы, см	Резервуардын көлөмүнүн «өлүк калдыгы», $м^3$	Резервуардын жантаюу бурчу
1	2	3	4	5

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
3-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____
(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____
(жетекчинин аты-жөнү)
«__» _____ 20__ ж.

№ _____ резервуарды (секцияны) тазалоо боюнча
АКТ № _____

Негиз: _____
(мезгил-мезгили менен же пландан тышкары тазалоо,
мунай продуктуну алмаштыруу, оңдоо ж.б.)

Комиссиянын курамында:
Комиссиянын төрагасы _____
Комиссиянын мүчөлөрү _____
_____
_____

_____ куюу үчүн _____ куюлган
(мунай продукту) (мунай продукту)
№ _____ резервуарды тазалагандан кийин ички кароо жүргүзүлгөндүгү тууралуу ушул акт түзүлдү.

Тазалоого чейин резервуардан калдыктар чыгарылды:
- колдонууга жарактуу _____
(мунай продукту)
көлөмү _____ л
жана төгүлдү _____
(объекттин № же аталышы жана резервуардын №)
- колдонууга жараксыз _____
көлөмү _____ л
жана утилизацияланды _____

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Аткарылган иштин сапаты ГОСТ 1510-2022 талаптарына жооп берет.

Комиссиянын төрагасы: _____ /_____/

Комиссиянын мүчөлөрү: _____ /_____/
_____ /_____/
_____ /_____/
_____ /_____/

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛДЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик жана көчмө автоунаа май куюучу станцияларын эксплуатациялоодогу коопсуздук эрежелерине 4-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____

(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____

(жетекчинин аты-жөнү)

«__» _____ 20__ ж.

Келип түшкөн мунай продуктуларын эсепке алуу журналы

АМКС _____

(АМКСтин № же аталышы, АМКСтин ээсинин-уюмунун аталышы)

Башталды _____

Аяктады _____

№	Жазылган күнү	Оператордун аты-жөнү	Мунай продуктунун аталышы	Жеткирүүчүнүн аталышы	Коштоочу документтин аталышы жана номери	Автоцистернанын мамлекеттик номери	Калибрлөө таблицасы боюнча автоцистернанын көлөмү, л	Товардык-транспорттук коштомо кагазы (ТТКК) боюнча мунай продуктунун көлөмү, л	Автоцистернадан алынган үлгүнүн номери
1	2	3	4	5	6	7	8	9	10

Таблицанын уландысы

Мунай продуктуларынын тыгыздыгы, г/см^3	Мунай продуктуларын төккөндөгү температурасы, °С	Төгүлүүчү резервуардын номери	Убактысы (саат, мин.)		Мунай продуктуларынын деңгээлин өлчөө, см		Резервуардын градуирлөө таблицасы боюнча кабыл алынган мунай продуктуларынын көлөмү, л	Градуирлөө таблицасы жана ТТКК боюнча кабыл алынган мунай продуктуларынын көлөмдөрүнүн айырмасы, л	Оператордун колу	Эскертүү
			Мунай продуктуларын төгүү башталды	Мунай продуктуларын төгүү аяктады	Төгүү алдында	Төгүү дөн кийин				
11	12	13	14	15	16	17	18	19	20	21

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
5-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____

(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____

(жетекчинин Аты-жөнү)

«__» _____ 20__ ж.

Жабдууларды оңдоону эсепке алуу журналы

АМКС _____

(АМКСтин № же аталышы, АМКСтин ээсинин-уюмунун аталышы)

Башталды _____

Аяктады _____

Жабдуу	Инв. №	Жабдуу ишин токтотту, күнү, сааты, мүнөтү	Жабдуунун иштебей калышынын себеби	Оңдоо алдында суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү (МКК үчүн)	Оттиски бар пломба алынды		Оңдоо иштеринин тизмеси	Иштерди жүргүзүүгө негиз	Мамлекеттик текшерүүчүнү чакыруу, күнү, сааты, мүнөтү
					Кожухтан	Агрегаттан			
1	2	3	4	5	6	7	8	9	10

Таблицанын уландысы

Жабдууну ишке киргизүү				Оңдоо иштерин аткаруучу (аты-жөнү)	Иштерди кабыл алуу жана өткөрүп берүү тууралуу кол коюу		Жабдуунун иштебей туруп калышы, саат	Эскертүү
Күнү, сааты, мүн.	Суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү	Оттиски бар пломба коюу			Кабыл алдым	Өткөрүп бердим		
		Агрегатка	Корпуска					
11	12	13	14	15	16	17	18	19

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик жана көчмө автоунаа май куюучу станцияларын эксплуатациялоодогу коопсуздук эрежелерине 6-тиркеме

Форма

Май куюучу колонканын ишин эсепке алуу журналы

Жылдын айы	20_____ ж.	20_____ ж.	20_____ ж.	20_____ ж.	20_____ ж.
	Мунай продуктулары, л				
	суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү	суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү	суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү	суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү	суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү
Январь					
Февраль					
Март					
Апрель					
Май					
Июнь					
Июль					
Август					
Сентябрь					
Октябрь					
Ноябрь					
Декабрь					
Бардыгы					

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026

Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
7-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____
(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____
(жетекчинин аты-жөнү)
«__» _____ 20__ ж.

МККнын катачылыгын текшерүү иштерин аткарууда мунай продуктуларын эсепке алуу
АКТЫСЫ

Иштерди аткаруунун негизи _____
Иштерди аткаруучулар _____
_____
(кызмат орду, аты-жөнү)

«__» _____ 20__ ж. _____ таандык болгон
(АМКСтин ээси болгон уюмдун аталышы)
_____ АМКСте
(АМКСтин № же аталышы)

Номиналдык көлөмү _____ л болгон II разряддагы өлчөгүчкө № _____МКК, № _____ пост аркылуу чыгарылган _____ л көлөмдөгү продукт _____ № _____ резервуарга төгүлдү.

Аты-жөнү, кол тамгалары: _____ /_____/
_____ /_____/
_____ /_____/

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
8-тиркеме

Форма

БЕКИТЕМИН

_____
(уюмдун жетекчисинин кызмат орду)

_____
(жетекчинин аты-жөнү)
«__» _____ 20__ ж.

**МККда оңдоо иштерин аткарууда
мунай продуктуларын эсепке алуу
АКТЫСЫ**

Иштерди жүргүзүүнүн негизи _____
Оңдоо иштерин аткаруучулар _____
_____
(кызмат орду, аты-жөнү)
АМКС оператору _____
«__» _____ 20__ ж. _____ таандык
(АМКСтин ээси болгон уюмдун аталышы)
_____ АМКСте
(АМКСтин № же аталышы)

№ _____МКК, № _____ пост аркылуу чыгарылган _____ л
көлөмдөгү продукт _____ № _____ резервуарга төгүлдү.

Суммардык эсептегичтин көрсөткүчтөрү: чейин _____
кийин _____

Аты-жөнү, кол тамгалары _____ /_____/
_____ /_____/
_____ /_____/

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛДЕН

№ 01-01/423, 24.11.2026
Кол койгон: Токтобаев А.Т.

Стационардык, контейнердик
жана көчмө автоунаа май
куюучу станцияларын
эксплуатациялоодогу
коопсуздук эрежелерине
9-тиркеме

Биринчи медициналык жардам көрсөтүү үчүн ДАРЫ-ДАРМЕК КУТУСУ

1) Жеке коргонуу каражаттары:

Бир жолу колдонулуучу медициналык бет кап – 2 даана.
Бир жолу колдонулуучу медициналык кол кап – 2 жуп.
«Ооз-Түзүлүш-Ооз» жасалма дем алдыруучу түзүлүш – 2 даана.

